# Кыргыз тили

*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улутт*

| №13 (287) | 30.01.2023. | e-mail: kyrgyztili@mail.ru






Айжан КУЛАНОВА



Виктория МОЗГАЧЕВА

Чакырык

# КАЙБЕРЕНДЕЙ, “КЫРГЫЗ ТИЛИ”, ЭЙ...

Сөз жүйөөсү, КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жалкы басылмасы болгон “Кыргыз тили” газетасынын азыркы ал-абалы жөнүндө баратат. Бу айрым өкмөттүк газеталардан айырмаланаар, өлкө башчысынын түз карамагындагы “Кыргыз тили” мурдатан өздүк чарба ыкмада, мам.бюджеттен бир тыйын да жардамы жок, үргүлжү нускада чыгып келген экен. Көлөмү он алты бет, айына бир жолу жарык көрөт. Аталган комиссия төрагасынын буйрук милдетине ылайык биз жетектей баштагандан берки басылманын кезектеги алтынчы номерин даярдап, жарык дүйнөгө узатып турган кезибиз...

Ооба, эсил СССРден ыдырап түшкөн эркин өлкөбүздө береги 30 жыл аралыгында эле акыл-эс-ой азыгы болгон китеп, газета, журнал ушунчалык деңгээлде окулбай калаарын, илгерки көчмөн кыргыздын сабатсыздыгын жоюу майданынын алгачкы жоокерлери маселен, Касым Тыныстанов, Эшеналы Арабаев өңдүү кайрандардын ал кезде түшүнө да кирбесе керек. Сабатсыздык кайдыгерлигине, оозеки адабияттын дүйнөлүк шедеври улуу “Манас” тарыхый эпосун жараткан, ааламдык кеменгер жазуучу Чыңгыз Айтматовду уядан учурган, сөз баккан кыргыз эли жамандыгынан түшүп кеттиби? Жок, бул алгачкы президент Акаевдик бийликтин он беш жылга созулган “ботко” саясатынын”үзүрү” го... Же азыркы бийлик канчалык жаналекетке түшүү менен алпурушса да жоюлбаган туташ коррупцияланышкан системанын жерпайы ошондо түптөлүп жана бекемделип калганы да, жалганбы?

Жалаң эл казынасынын “кызарган” жерин жула качканга шайма-шай кадрлардын же жомоктогу жети баштуу ажыдаардай желдеттердин бүтүндөй катмары пайда болду. Илгерки кыргыз “кызыл кулак” деп, таамай атаган жапайы коммерция жайылып, интенсивдүү өндүрүш, маданий агрардык тармак кыйрап, башмалдак базар турмуш өкүм сүрдү. Маданият, адабият, илимий интеллегенция көчөгө сүрүлдү. Анан мындай жагдайда каадалуу калем туундулары окулмакпы...

Мындай беткелди жашоо кырдаал шарттын эң катуу соккусу ириде эне тилибизге, тээ СССР доорунан бери кош тилдүү саясаттын басмырлоосунда келаткан кайран кыргыз тилине урулду. Узун сөздүн кыскасы, “Өнөр алды – кызыл тил” деп, сөз кудуретин ажал алып келээр окко (!) теңеп келген байыркы элдин бүгүнкү күндөлүк турмуштагы алака куралы болгон өз тилинин кайберендей абалда калгандыгын ким танат да, ким күйөт...

Президент Садыр Жапаров бийликке келген эки жыл ортолугунда эле түпкү улуттун нарк-насилин жандандырып, өнүктүрүү багытында удаалаш указ-буйруктарды чыгарды. Мына ушул нарк-насилди жаратып, алып жүрүүчү жана муундан-муунга өткөрүүчү эң башкы каражат, мамлекеттин, элдин, улуттун символу – эн тамгасы, кудурет күчү тил! Демек, Кыргыз Республикасынын титулдук-уңгулуу эли Кыргыздын эне тили же кыргыз тили. Айрыкча мындайда биз – мамлекеттик тилди сактоо, изилдеп тактоо, өнүгүү багытында иш жүргүзгөн тармактын түздөн-түз жоопкер кызматкерлери катары сүйүндүк, бел байладык.

Сөз багытын алакачтырбай өзүбүз алектенген “Кыргыз тили” газетасына келсек, газетанын милдет-вазийпасын 21-кылымдын окурманына “чайнап” берүүнүн зарылчылыгы жоктур. Ансыз да туташ колдонулуп калган интернеттин кымгуут желесинен жадап, айрыкча жеңил-желпи “Тик-Ток” ойнокей дүйнөсүн мелтиреп тиктеп отурган мээ, эс-тутум, көрүү, сүйлөө, кудурет күчү алсырай баштаган коомдо канчалаган кылымдардан бери адамзатка ак кызмат өтөп келген кагаз дүйнөсүнүн (китеп, газета, журнал) кадыр-баркын, акылга акыл кошоор касиетин, ата-эне жана билим берүү тармагы менен бирге илим-билим, тарбия-таалимге жетелээр таасир, тажрыйба үлгүсүн саймедиреп кайталоонун да зарылдыгы кимге керек?.. А бирок, ошондой дегенибиз менен кашайып эле газетабызды өркүндөтүү багытындагы долбоор-пландарыбыз алга жылбайт. Ооба жылдыралы дедик, кыялдандык, үмүттөндүк. Жарыбаган айлык маяна (12 миң сом) кайдан жетсин? Ошентсе да, илгери үмүт менен эски журналисттик ыкмада жол тосуп, тааныш-билиштердин үйүнө конуп, түнөсөк да былтыр күз айларында өлкөнүн түштүк аймагын түрө кыдырып келдик. Обл. жетекчилер, акимдер ордунан тура калышып, “Сизди билебиз!” дешет. “Мени койгула, кайберендей эне тилиңерге жардам болсун, газетага жарым жылдык жазылуу баасы 264 сом, ушул өнөктүккө көңүл буруп койгула, кагылайындар” дейм. Анан да жогору жактан мына мындай кат жөнөтүлгөнүн көргөндө да жаш баладай сүйүнбөдүкпү... (кат)

Кат канатыбызга канат кошконсуду. Баарыга жар салдык, теледен, интернеттен кайра-кайра газетанын болжол иш-пландары жөнүндө, тил илими жөнүндө усул, ыкма, тажрыйба, изилдөөлөр орток терминдер жана адабий, маданий туундулар, өрнөктүү тексттер ж.б. тил, дил, рухка байланыштуу эмгектер басылаарын жар салдык.

Анан жыйынтыгы эмне болду? “Атаңдын башы болду!” дей турган киши жок, аттиң. Узун сөздүн кыскасы, 2023-жылдын жарымына жазылуу өнөктүгүнүн жыйынтыгын “Кыргыз почтасынан” алган таблица бул: (таблица)

Таблицада көрүнүп тургандай эң көп нускада (695) Кара-Суу району жазылыптыр. Эсибизде, Кара-Суу районунун акиминин орун басары Айжан Куланова кабинетинде жаркылдай кабыл алып, “Агай, эне тилибизден аянмак белек, сиз канча десеңиз ошончого жазылабыз!” деген. Албетте, андагы убадалашкандай болбосо да, жазылуу өнөктүгүн өргө сүйрөп чыккан Айжан айымга алкыш айтып, ишине ийгилик каалагыбыз келет. Кантсе да кайран Курманжан датка энебиздин учугу уланып келет экен...

Ушундан улам айтпаска да арга жоктой 1(бир) нускага жазылган Кочкор, 5(беш) нускага жазылган Тоң районун эмне дейбиз? Аталган район аймактарында кайберен да калбаганын уккандай болду элек...

Ал эми, “Башкасын коюп Манасты айт!” демекчи, береги башкалаабыз Бишкекте тилге болгон мамиле кандай? Урматтуу мэр Эмил Абдыкадыровдун кабыл алуусуна канча аракеттенип жетпесек да, Вице-мэр Виктория Мозгачеванын кабыл алуусунда эки мерте болдук. Ооба, “Кыргыз тили” газетасынын маселесин биз кыргызча түшүндүрдүк, Мамлекеттик тил тармагын биргеликте тейлеген Вице-мэр айым түшүнгөндөй баш ийкеди, баары жакшы болот кыязында жылмайып узатып койду. Ал эми таблицада көрүнүп тургандай бүгүнкү күндө бир жарым миллионго чамалаш эл жашаган Бишкекте мамлекеттик тилге күйөрман болоор жүз окурман табылбаганы ачуу чындык! Борборубуздун көчөлөрү күзгүдөй таза болсо, коомдук транспорту заманбап жаркылдап жүрүп турса, асманы ыштан түнөрбөй ачык болсо, азык-түлүк, тамак-аш айлык, маяна, пенсияга жетип, шаардыктардын жашоо деңгээлинин оңолуу жышаанасы сезилсе аттиң, анда урматтуу мэрдин береги көчө, мекеме, ишкана, маданий, соода, жарнак-көрнөк, деги койчу бардык жерде мамлекеттик тилдин ашмалтайы чыгып, четке сүрүлүп калган ал-ахвалына колу же чамасы али жетелек дейт белек?..

Мамлекеттик тилдин жарчысы “Кыргыз тили” газетасынын бүгүнкү абалы ушундай. Бирок, ушундай деп эле калбай, төрагабыз Каныбек Осмоналиев канчалык аракет кылса да, адаттагыдай эле мам.бюджеттен быйыл да бир тыйын бөлүнбөгөн, тагыраагы Министрлер кабинетинин башчысы урматтуу Акылбек Жапаров бөлгүсү келбеген “Кыргыз тили” газетасынын каржысын арбытып, эски арабадай техникалык абалын оңдоого, төрага баш болуп аракетибиз бар, буюрса, алдыга жыла беребиз деген үмүт, кыял, долбоор, пландарыбыз да бар...

**Дүйшөн КЕРИМОВ**



Кыргыз Республикасынын
аткаруу бийлигинин
мамлекеттик органдары

Кыргыз Республикасынын
Президентинин облустардагы
ыйгарым укуктуу өкүлдөрү

Кыргыз Республикасынын
шаарларынын мэриялары
(макулдашуу боюнча)

Жергиликтүү өз алдынча
башкаруу органдары
(макулдашуу боюнча)

Кыргыз Республикасынын
Республикалык бюджетинен
каржыланган уюмдар
жана мекемелер

2004-жылдын 2-апрелиндеги № 54 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, кыргыз тилин кеңири жайылтуу жана мындан ары өнүктүрүү максатында 2023-жылга «Кыргыз тили» гезитине жазылуу кампаниясына катышуу мүмкүнчүлүгүн карап көрүүнү өтүнөм.

Жазылуу кампаниясына катышуу милдеттүү түрдө республикалык жана жергиликтүү бюджеттерде 215-берене боюнча каралган каражаттардын эсебинен жүргүзүлсүн.

Э.Ж. Байсалов

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ
nR 0a gk mV rA yy Ru zR Z7 hY gE 8y Eb aM 0F sg
Yw Nd l6 fy cX mt XX Rf zJ ls Wt Km NZ MK Gg lJ
Владелец: Байсалов Эрил Жолдубаевич
Действителен: с 15.11.2022 по 15.11.2023

Э.Ж.Байсаловдун каты



11.01.2023, 13:10

Сорт по РФ - Клиентская база

Сортировочная таблица: "Кыргыз тили"

По подписке на "Республиканские издания". с янв 2018 г. Индекс: 68484

| № | Наименование РФ | Кол/подп |
|---|---|---|
| 1 | | 3 |
| 2 | Аксууйский РФ | 48 |
| 3 | Аксыйский РФ | 146 |
| 4 | Акталинский РФ | 10 |
| 5 | Алабукинский РФ | 173 |
| 6 | Алайский РФ | 100 |
| 7 | Аламудунский РФ | 60 |
| 8 | Араванский РФ | 123 |
| 9 | Атбашынский РФ | 22 |
| 10 | Базаркоргонский РФ | 39 |
| 11 | Бакайатинский РФ | 68 |
| 12 | Балыкчинский ПФ | 1 |
| 13 | Баткенский РФ | 91 |
| 14 | Бишкекский почтамт | 5 + 91 = 96 |
| 15 | Жайылский РФ | 83 |
| 16 | Жетиогузский РФ | 57 |
| 17 | Жумгальский РФ | 46 |
| 18 | Иссыккульский РФ | 37 |
| 19 | Кадамжайский РФ | 106 |
| 20 | Карабуринский РФ | 86 |
| 21 | Караколский ГФ | 23 |
| 22 | Каракульджинский РФ | 233 |
| 23 | Каракульский ГФ | 7 |
| 24 | Карасууйский РФ | 695 |
| 25 | Кеминский РФ | 32 |
| 26 | Кочкорский РФ | 1 |
| 27 | Кызылкийский ГФ | 47 |
| 28 | Ляйлякский РФ | 152 |
| 29 | Майлысуйский ГФ | 9 |
| 30 | Манасский РФ | 64 |
| 31 | Московский РФ | 31 |
| 32 | Нарынский РФ | 32 |
| 33 | Ноокатский РФ | 33 |
| 34 | Ноокенский РФ | 67 |
| 35 | ПФ Жалал-Абад | 43 |
| 36 | ПФ Ош | 87 |
| 37 | Сокулукский РФ | 26 |
| 38 | Сузакский РФ | 157 |
| 39 | Таласский РФ | 94 |
| 40 | Ташкумырский ГФ | 22 |
| 41 | Тогузтороузский РФ | 25 |
| 42 | Токтогульский РФ | 137 |
| 43 | Тонский РФ | 5 |
| 44 | Тюпский РФ | 31 |
| 45 | Узгенский РФ | 52 |
| 46 | Чуйский РФ | 34 |
| 47 | Ыссыкатинский РФ | 35 |
| | Всего: | 5 + 3564 = 3569 |

Газетага жазылуу таблицасы

Ысмайыл КАДЫРОВ

# Чарчоонун жүз биринчи ыры

## Олтурам

Омор акын ырдаган чарчоонун жүзүнчү ырын
Өз башыма келгенде баалап-барктап,
Чарчоонун жүз биринчи ырын баштап,
Үйүмдө – эне тилде эч ким менен сүйлөшө албай
Кайгырып, үшкүрүнүп, көзүм жаштап.
Кээде өзүмдү ичимден сөгүп коём:
“Өз үйүндө калалбаган эненин тилин сактап,
Намысы жок, ары жок, акмак, акмак!”.
Эгер мен жалгыз болсом, ушундай күнгө калган
Тагдырым турбайбы деп, болмок эмес менде арман.
Мендей көп өз тилинде уулу менен сүйлөшө албай,
Ыза болуп, кор болуп жалгыз калган.
Билимдүү болсо деген тилек менен
Балдарымды орус тилдүү мектепке берген элем.
Билимдүү болду ырас, бирок да билген менен орус тилин
Орустун да, кыргыздын да дилин билбей арасат жолдо калып,
Атка конду “чала орус”, “киргиз” деген.
Аттиңай адегенде ойготсом болмок экен,
Ар намысын:
“Мен кыргызмын!” – деп айтчу сыймык менен.
Ушул ойдон арыла албай,
Өзүмдү-өзүм жемелеп, тилдеп келем.
Арына келген белем анда маган:
“Орусча сайрап турса үйдө мамам,
Кыргызча түшүнбөсө эжем, агам,
Өздөрү кыргыз болуп турса дагы,
Досторум орус тилдүү болсо жалаң.
Көчөдөгү көрнөк-жарнак, жарыялар,
Баарысы башка тилде болсо анан.
Кыргызга окшошпосо бир да жериң,
Мен байкуш кыргыз духун кайдан алам!?
Деги мен кыргызмын деп кайда барам!?
Бир гана калпагым бар, аны да Кытай тиккен,
Атым да араб тилде, түтөйм ичтен!?”, –
деп мени карап турса кичүү балам.
Чатырап булут жарган чагылгандай,
Чак-түштө чакчалекей болду санаам.
Буркурап кеттим түтөп,
Буулугуп чарчагандан...
Кубанып кеттим бирок,
Намысы козголуптур бир баламдын,
Оңолот экен го деп эми заман.

Ырас бар сүйлөгөндөр кыргыз тилин,
Бирок да ширин эмес калтыргандай ата-бабам,
Көркөмдүгүн, коюздугун сактаганга,
Чарчадым ох, чарчадым жетпей чамам.
Түбүбүзгө жетпесе экен
Түркөйлүк каптап калган.
Түз болуп түбөлүгү
Болсо экен элим аман.



## Жалкы сап

Улутту улут кылган – тил

## Эне тил жөнүндө эки саптар

Эне тилим – эң ыйыгым, ардагым,
Элиң барда сен да барсың ар дайым.

* * *

Эне тили жок эл,
Эркин болсо да кор эл.

* * *

Унуткан эне тилин,
Унутат ким экенин.

* * *

Энеңди сыйласаң эне тилиңди бил,
Улутуңду урматтасаң улуттук кийим кий.

* * *

Кыргыз тилим барда гана кыргызмын,
Жанып турган мен да өзүнчө жылдызмын.

* * *

Улутуңду сактайм десең,
Тилин бузбай таза сүйлө.
Уккан адамды тамшандырып,
Өркүндөтө бер күндөн күнгө.

* * *

Кытай тилин, немис тилин,
Кантип айтам жарды деп.
Анткени мен ал тилдерди билбесем,
Айтканга да акым барбы жанды жеп.



**Гүлзат ААЛИЕВА, философия илимдеринин кандидаты, доцент. Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун директору**

# ИШ КАГАЗДАРЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ҮЙРӨТКӨН ВИДЕОСАБАКТАР ДАЯРДАЛДЫ

2022-2025-жылдарга түзүлгөн Улуттук Программанын «Мамлекеттик тилди үйрөнүүчүлөр үчүн жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүчүлөр үчүн «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптарына (А1, А2, В1, В2, С1, С2) ылайык видеосабактарды иштеп чыгуу»деп көрсөтүлгөн 23-пунктун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борбору 2022-жылдын 30-декабрына чейин иш кагаздарын кыргыз жана орус тилдеринде үйрөткөн видеосабактарды даярдоо боюнча

- 7 тема боюнча сценарий жазып,
- сценарийди ишке ашыруунун сметасы менен прейскурант түзүлүп,
- аны ишке ашыруу боюнча тендер жарыялаган.

Натыйжада, иш кагаздарын кыргыз жана орус тилдеринде үйрөткөн 7 видеосабак даяр болуп, аны улуттук комиссия өз сайты, фейсбук жана башка социалдык тармактары аркылуу мамлекеттик жана муниципиалдык органдардын гана эмес, жалпы эле жарандардын колу эркин жеткен жагдайларды түзүү алдында турат.

2022-жыл ичинде видеосабактар үчүн бөлүнгөн 900 миң сомго аткарылган медиапродукция эң жогорку деңгээлде даярдалып, иш кагаздары тууралуу илимий, тарыхый маалымат берип, алардын негизги классификациясын түшүндүрүп берүүнү көздөгөн алгы сөз түрүндөгү материалдар камтылды.

2023-жыл үчүн Улуттук Программада кагаздарын кыргыз жана орус тилдеринде үйрөткөн видеосабакты даярдоого 2 млн сомдон ашык каражат бөлүнгөн. Ал каражатка А1 жана А2 деңгээлине туура келген иш кагаздарын кыргыз жана орус тилдеринде сабаттуу жаза билүүнү үйрөткөн материалдар даярдалмакчы.

№13 (287)
30 01 2023
kyrgyztili@mail.ru



Карыбек БАЙБОСУНОВ,
**Философия илимдеринин кандидаты**

# ПРОПАГАНДА? ТИЛ САЯСАТЫ ЖАНА ТИЛ МАДАНИЯТЫ ЖӨНҮНДӨ

*Бүгүн мен дагы социолог, философ, жазуучу, котормочу катары ушул маселеге кайрылгым келди.*

Кыргыз тили – дүйнөдөгү байыркы калктардын бири – Кыргыз элинин кан-жанынан бүткөн, эң өнүккөн тилдердин катарына кирүү менен, сөз байлыгы, экспрессивдик каражаттарынын күчтүүлүгү менен баалуу. Бул тилдин тактыгы, түшүнүм аппаратынын көп турдүүлүгү менен катар мистикалуу (сырдуу) жактары дагы бар.

"Манас" сыяктуу аалам чапчыган терең сырдуу айтым дастаны – улуу тилде гана болмок. Ал эми акындык өнөргө ыңгайлашкан бул тил – өзүнөн өзү ырдап, уйкаштыгы куюлушуп турат. Ошондуктан бул тилде төкмөлүк жана ыр жазуу абдан жеңил жана ыргактуу келет. Көркөм сөз өнөрүнө да тиешелүү морфологиялык көп түрдүүлүк, синоним, антоним, омонимдердин ийкемдүү айкаштары ушул тилде мыкты өнүккөн. Салыштыруу, метафора, гипербола, сүрөттөө да Кыргыз Тилинде сонун аткарылат.

Кыргыз тили – көп тармактуу илимий терминологияны которуп, илимий аппаратты ыңгайлаштырууга да оңтойлуу тил. Кыргыз тилине которулбай турган дүйнөдө бир дагы түшүнүм, термин жок!

Эми "Тил маданияты" жана "Тил саясаты" деген түшүнүктөргө келсек, көбүнэсе тилди пропагандалоого жана аны "саясий эркке" байлоого басым коюлуп, негизинен улуттук-идеологиялык жагдайлар гана айтылып келет. Ал эми тилдин эстетикасы, анын кудурет-касиеттери, лексикалык жана морфологиялык мыктылыгын даңазалаган макалалар, теле-радиодон айтуулар анча курсак тойгузбайт. Ошол эле орус тилдүүлөргө жана башка чет өлкөлүктөргө Кыргыз Тилинин мукамын, ар түркүм кооздугун, табигый маңызын айтпастан эле, "бул биздин мамлекеттик тил, аны ар ким билиш керек" деген курулай талап менен гана чектелип келебиз. Же болбосо, өзүбүзчө эле кудуңдап, "Мен – Кыргызмын!", "Эне тилим – эне сүтүм" деген пропагандалык лозунгдар менен эле шугулдана беребиз. Же аны башка улуттун өкүлдөрү уксачы!

Тил саясатын ийгиликтүү жүргүзүүнүн негизги каражаты – ошол улуттук рангадагы саясатты экономикалык нукка коюу деп эсептейбиз. Анткени, Тилдин функциясы – адамдар ортосундагы карым-катнаш болгондуктан, экономикалык карым-катнаштар, акча-финансы мамилелери кайсыл тилде жүргүзүлсө, ошол тил өнүгөт. Ал эми мамлекеттин саясаты – улуттук титулдук Тилди багып, тил саясатында иштеген мекеме, институттарды жетиштүү каржылап, искусство, медицина, транспорт чөйрөлөрүндө башкаларды кызыктыруучу каражаттар менен Кыргыз тилинин улуулугун, сулуулугун турмуштук керектөөлөргө "байлап" даназалоо керек болуп турат.

Тилди цивилдүү пропагандалоонун мыкты жолу – көркөм жана даректүү кино жана массалык маалымат каражаттары болгондуктан, башка улуттардын өкүлдөрү кыргызча сүйлөгөн фильмдердин, эфирдик берүүлөрдүн "тийип-качты" эмес, системалууга абдан зор мааниге ээ. Соцтармактарда болсо башкаларды күнөөлөгөн посттор, комменттер көп. Аал эми кыргыз жана орус тилдердин ортосунда кайым айтышуу эмес, карым-катнаштар маанилүү. "Ты обязан говорить на кыргызском" деген таңуулоо эмес, "Дружба народов – через языковое сотрудничество" деген сыяктуу нерселер көп кетиш керек. Англис, кытай тилдери экономикалык негизде болгондуктан, аны каалайбызбы, каалабайбызбы, четинен үйрөнүп жатабыз. Өзгөчө жаштар бул жагынан бизден алдыда. Анткени, англис жана кытай тилдери бизнестин, жаңы коммуникациялык технологиялардын, финансылык саясаттын тилдери болуп жатат.



Азыр бир катуу суроо кабыргасынан типтик турат: "Биздин неберелерибиз кыргыз болобу?" деген. Анткени, колдонмо гаджеттер (телефон, компьютер) жана ММКлар кыргыз эмес тилдерде көп! Кичинекей балдар ошолордон таасир алып, аларды жанындай көрүшөт. Бала эркелеп ыйласа, көпчүлүк ата-энелер "чырбаштардын" колуна "сылама" телефонун кармата салып кутулушат. Кичинекейлердин көбү дейди болуп баратат! Алар өз тилинде өнүкпөй, башка тилдерге байланып калышты.

Ошентип, тилдин маданиятын, маани-маңызын өсүп келе жаткан муундарга таанытуу үчүн мектепке чейинки балдарга "акча деген эмне?", "эмгек менен тапкан байлык таттуу болот" деген сыяктуу жомокторду, сукбаттарды, табышмак, макал-лакаптарды системалуу түрдө даңазалап туруу максатка ылайыктуу болмок.

Илим жана билим Министрлиги көбүнчө Батыштан келген "адис" сөрөйлөргө гранттык негизде балдар үчүн китепчелерди, окуу куралдарын буюртма кылып, КЫРГЫЗ деген улуттун дөөлөттөрүн басмырлаган брошюркалар, окуу куралдары байма-бай жайылтылууда! Мисалы, "Манас" эпосу жана башка байыркы жомок, уламыштар жөнүндө НПОлордон чыккан "грантёрлор" жазган китепчелер үрөйдү учурат. Аны окуган бала "Манасты", улуттук тилди, ата салтын сыйламак түгүл, ырайы суук "жапайы" нерселер экен деп жаа бою качат!

Эми, айта берсе, көйгөйлөр арбын эле. Тил маданиятын өнүктүрүү үчүн, балдарды жана конокторду кооз сүйлөө, маңыздуу философия, тамыры терең кеткен тарых, заманбап терминологиялар башталган мамлекеттик Тил менен тарбияласак, биз тез эле алиги БУУнун "жоголуп кетүүчү калктардын" тизмесинен чыгабыз. Балдарды өзөктүү баалуулуктарга тарбиялоо аркылуу биз улутубузду, мамлекетибизди асырап, сактап кала алабыз деген ишеним көкүрөктө бекем турат.

№13 (287)
30 01 2023
kyrgyztili@mail.ru

Аида ИШЕНАЛИЕВА, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана уюштуруу бөлүмүнүн башчысы

# 2022-жылы аткарылган иштердин жалпылаштырылган маалыматы



## Мониторингдер

КР Президентинин тапшырмасына ылайык мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердеги, жогорку окуу жайлардагы иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө, жалпы эле мамлекеттик тилдин абалына мониторинг кылуу үчүн жумушчу топ түзүлүп, 2022-жылдын январь айынан тартып КР Президентинин Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү баш болгон облустагы мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде, КР Саламаттык сактоо министрлигинде, КР Экономика жана коммерция министрлигинде, КР Финансы министрлигинде, Бишкек шаар мэриясында, Бишкек шаардык кеңешинде, КР Президентине караштуу Улуттук аттестациялоо комиссиясы, Кинодепартаментинде мамлекеттик тилдин абалы менен таанышуу жана практикалык жардам көрсөтүү иштери жүрдү. Мындан сырткары Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин, И.Скрябин атындагы КУАУнун, И.Ахунбаев атындагы КММАнын, К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун ар бир бөлүмү, факультеттери, кафедраларынын иш кагаздары, жалпы ишмердүүлүгүндөгү, окуу процессиндеги мамлекеттик тилдин колдонулушу талдоого алынды. Жогоруда белгиленген ар бир мекемеде жана ЖОЖдо мониторингдин жыйынтыгы жетекчилердин катышуусу менен жыйында тааныштырылды жана расмий түрдө маалым кат жана каталардын таблицасы жиберилди.

## Иш-чаралар

Кыргыз Республикасынын Улуттук гвардиясы менен биргеликте Эл аралык эне тил күнүнө карата "Мекенди коргоо – тил жана маданиятты коргоодон башталат" аттуу иш-чара өткөрүлдү. Иш-чарага КР Эл акындары, төкмө акындар жана ырчылар катышып, жоокерлерге дем берип, улуттук дөөлөттөрүбүздү, баалуулуктарыбызды жүрөгүнө сиңирип, аларга руханий азык тартуулашты.

21-февраль – Эне тилдин эл аралык күнүнө карата кереге кеңеш өткөрүлүп, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана тил саясатын өркүндөтүүгө зор салымын кошкон инсандарга Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары тапшырылды.

КР эл мугалими, 56 илимий педагогикалык китептин, 300 макаланын автору, Талас районундагы Арал орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Бектур Исаковдун 80 жылдык мааракесине арналган иш-чара 2022-жылдын 4-февралында Талас облустук музыкалык драма театрында өткөрүлдү.

Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институту Улуттук комиссия менен бирге Эне тилдин эл аралык күнүнө карата Бишкек шаарындагы ЖОЖдор аралык "Сабаттуу жазуу – заманбап жашоонун талабы" аттуу мамлекеттик тилде жат жазуу боюнча чемпионат уюштурду. Чемпионатка Бишкек шаарындагы 14 жогорку окуу жайдан 28 студент катышты.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Гуманитардык факультетине караштуу Синхрондук котормо бөлүмүнүн Кыргызча-түркчө программасы менен бирге «Жылдын мыкты котормочусу – 2022» кароо-сынагы уюштурулду. Сынакка келип түшкөн жыйырма беш котормонун ичинен мыктылары иргелип алынды. Кароо-сынактын жеңүүчүлөрүнө КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын дипломдору жана китептери тапшырылды.

30-апрелде өткөн КР Министрлер Кабинетинин жыйынында төрага С.Мусаев катышып, мамлекеттик органдардагы мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндөгү баяндама жасады.

13-майда КР Президентинин "Инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" №1 Жарлыгына жана КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын иш-чаралар планына ылайык Кыргыз Эл Баатыры Т. Сыдыкбековдун 110 жылдыгына карата №180 "Мээрим нуру" бала бакчасында семинар болду.

Мындан сырткары Кыргыз радиосу менен биргеликте 14-15-май күндөрү саат 10.00дөн 11.00гө чейин студенттер аралык радио таймаш өткөрүлдү. Таймашка жогорку 4 окуу жай (Ж.Баласагын атындагы КУУ, К.Карасаев атындагы БМУ, И.Арабаев атындагы КМУ, И.Ахунбаев атындагы КММА) жалпы 16 студент катышты.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги "Мамлекеттик органдардагы мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө" жыйындын №15 протоколдук тапшырмасынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун "Улуттук нарк жөнүндөгү" 2022-жылдын 20-майындагы Жарлыгынын 4-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан 2022-жылдын 21-июнунан тартып жерлерде жыйындар өткөрүлдү. Атап айтсак 21-24-июнь күндөрү Жалал-Абад, Ош, Баткен облустарында өткөрүлүп, 1-июлда Бишкек шаарында, 5-12-июлда Нарын, Талас, Чүй, Ысык-Көл облустарында уюштурулду.

2022-жылдын 10-октябрында КР Улуттук илимдер академиясында "Кыргыз терминологиясынын азыркы абалы жана келечеги" аттуу илимий-практикалык конференция өттү. Конференцияга КР Президентинин Администрациясынын өкүлдөрү, окумуштуу-илимпоздор, мамлекеттик органдардын тил адистери катышып, учурдагы терминология маселелери талкууга алынды.

25-ноябрда Ош мамлекеттик университети менен биргеликте эл аралык «Кыргыз ырлары чет өлкөлүк студенттердин аткаруусунда» аттуу фестиваль ЖОЖдун студенттеринин катышуусунда уюштурулду. Фестиваль С. Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрында өттү.

9-декабрда Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору тарабынан "Мамлекеттик тил жана учурдагы терминология көйгөйлөрү" аталышында эл аралык илимий-практикалык конференция өттү.

16-декабрда К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде "Жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери" аттуу отурум жогорку окуу жайлардын мамлекеттик тил проректорлорунун катышуусунда өткөрүлдү.

## Кыргызтест

«Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинде 2022-жылы жалпы 7821 адам улуттук «Кыргызтест» системасы аркылуу тест тапшырышты.

2022-жылы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин көчмө тобу Баткен облусунда түзүлгөн кырдаалга байланыштуу мобилдик тест жүргүзгөн жок.

Ал эми республиканын калган бардык облустарында бекитилген графикке ылайык тесттер жүргүзүлүп, жалпы 4011 адам катышты:

**1.** Ош облусу – 1546 4. Нарын – 433
**2.** Жалал-Абад – 713 5. Талас – 331
**3.** Ысык-Көл – 583 6. Чүй – 405

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин бир айлыгы боюнча

"Кыргызтест" мамлекеттик ишканасы бир катар чет өлкөлөрдө онлайн форматында жана республиканын бир канча коомдук жайларында оффлайн тест тапшыруу өнөктүгүн өткөрүштү. Бул иш чарага 320дан ашуун коомчулуктун ар кыл катмарынын өкүлдөрү катышты.

Чет жердеги мекендештер арасында өткөрүлгөн «Дүйнө кыргыз тилинде сүйлөйт» флешмобу Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги, "Замандаш" эл аралык ассоциациясы, Окуу-маалымат жана котормо борбору менен биргеликте чет жердеги мекендештер арасында Россия, Өзбекстан, Германия, Пакистан, Беларус, Япония, Венгрия, Бельгия, Кытай, Австрия элчиликтери тарабынан аталган өлкөлөрдө өзгөчө жигердүү уюштурулду.

Республиканын бардык облус, шаар, райондорунун аймактарына «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгынын урматына ар кыл мазмундагы учкул сөздөр, ураан-чакырыктар илинсе, өлкөбүздүн ири байланыш компаниялары аркылуу жарандарыбыздын кол телефондоруна макал-лакап, учкул сөздөр камтылган билдирүүлөр, куттуктоолор келип түштү.

Бишкек шаарынын райондорунун аймагында, Ош облусунда жана Ош шаарында сырткы жарнамаларды "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" жана "Жарнама жөнүндө" мыйзамдарынын талаптарына ылайык келтирүү боюнча тиешелүү мамлекеттик мекемелердин кызматкерлери тарабынан биргелешкен рейддер уюштурулуп, талаптарга жооп бербеген сырткы жарнамаларды алуу иштери ургаалдуу жүргүзүлдү.

Мындай аракеттердин натыйжасында Бишкек шаары боюнча сентябрь айында 226 жарнама баннери, 78 штендер алынып, 512 эскертүү кагазы берилсе, ал эми Ош облусунда 215, Ош шаарында 54 жарнама алынды. Ушундай эле иштер Жалал-Абад облусунда уланып жалпысынан 136дан ашуун мыйзам талаптарына жооп бербеген жарнамалар алынды.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында мамлекеттик тил маселелерине арналган телерадиоберүүлөрдүн жалпы эфирдик убактысы республикалык телеканалдарда 2989 мүнөттү, аймактык телеканалдарда 1750 мүнөттү түздү.

КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаментинин тарабынан 23-августтан 23-сентябрга чейин аймактык кинотеатрларда көркөм, даректүү, мультипликациялык фильмдер акысыз көрсөтүлдү. Нарын, Ош, Талас, Чүй, Баткен, Ысык-Көл областтары боюнча жалпы 690 сеанс тартууланып, көрүүчүлөрдүн саны 20 953тү түздү. Жалпыга маалымдоо каражаттарында тил күнүнө карата теле берүүлөр, рубрикалар, радио уктуруулар, макалалар, жүгүртмө маалыматтар, социалдык роликтер көрсөтүлдү.

Бир айлыктын алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан "Мамлекеттик тилди окутуунун методологиясын жана технологиясын өркүндөтүү" аталышындагы кереге кеңеш Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э. Ж. Байсаловдун катышуусунда өткөрүлдү.

Мындан сырткары Бишкек шаарынын бардык билим берүү мекемелери жогорку окуу жайлар, орто, кесиптик окуу жайлар, мектептер, бала бакчалар илимий-интеллектуалдык, маданий иш-чараларды, жолугушуу-дебаттарды, кереге кеңештерди, маалыматтык сааттарды, дил баян, көркөм окуу, мыкты видео сабактарды жана сынактарды жигердүү өткөрүштү.

КР Электрондук энциклопедиясынын алгачкы этабын коомчулукка презентациялоо иши 16-сентябрында КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жыйын жайында өттү. Презентацияда атайын даярдалган слайддын негизинде Кыргыз энциклопедиясынын тарыхы жана учурдагы абалы, иштин жүрүшү, алдыдагы иштеле турган иш пландар боюнча маалыматтар берилди.

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги "Мамлекеттик органдарда мамлекеттик тилдин колдонулушу жана абалы жөнүндө" №15 Протоколдук тапшырмасынын негизинде ошондой эле "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата "Сабаттуу жазуу" өнөктүгү 2022-жылдын 4-августунан 28-ноябрга чейин өткөрүлдү.

«Сабаттуу жазуу» өнөктүгүн өткөрүүнүн негизги максаты бардык мамлекеттик түзүмгө кирген орган, мекеме, уюмдарда кызмат өтөп жаткан кызматкерлердин сабаттуу жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу болуп саналат. Аталган иш-чарага 16 министрлик (958), Бишкек шаарынын мэриясы жана 4 району (160), 27 мамлекеттик орган (832), Президенттин Администрациясынын (10) жана мамлекеттик органдардын эксперт-лингвисттери (26), Ош облусунан 8 район (293) жана Ош шаарынын мэриясы (29), Жалал-Абад облусунан 9 район жана мэриясынан (284), Чүй облусунун 9 районан (246) мамлекеттик жана муниципалдык кызматкер катышты. Жалпы республикалык жыйынтык боюнча 2838 кызматкер жат жазуу жазышкан. Анын ичинен 253 – «2», 470 – «3», 1045 – «4», 1070 – «5» деген баа алышкан.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан иштелип чыккан ченемдик укуктук актылардын долбоорлору жана алардын кабыл алынуусу тууралуу маалымат

1. «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы № 510 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору иштелип чыккан жана токтом долбооруна 2022-жылдын 7-февралында кол коюлуп, 2022-жылдын 18-февралынан тартып күчүнө кирген.

2. «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине кароого киргизилип (2022-жылдын 28-сентябрындагы кир. № 6-19218/22), 2022-жылдын 13-декабрында Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинде каралып, Мыйзам долбоорунун концепциясы жактырылып жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан биринчи окууда кабыл алынды.



Альфира СУПАТАЕВА, Тил саясатынын мониторинги жана талдоо бөлүмүнүн башчысы

# ТИЛ ПРОГРАММАСЫ ТУУРАЛУУ УЧКАЙ КЕП

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтому менен бекитилген 2021-2025-жылдары Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 7-февралдагы №67 токтому менен кайрадан өзгөртүүлөр киргизилип бекитилген. Программанын (мындан ары – Программа) иш-чаралар планы жалпы 76 пункттан турат.

2022-жыл үчүн 86 575 000 сом өлчөмүндөгү каржы булагы каралган. Анын ичинен 57 025 000 сому өздөштүрүлүп, калган бөлүгү программанын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүчү жумушчу топтун сунушу боюнча каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында 29 525 000 сом каражат өлчөмү аткарылышы зарыл деп табылган башка пункттарга которулуусу үчүн иш-чаралар планынын жаңы долбоору менен КР Министрлер Кабинетинин кароосуна КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан (мындан ары – Улуттук комиссия ) сунушталды.

Программада төмөнкүдөй негизги 5 багыт камтылган:

1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн укуктук негизин чыңдоо.

2. Кыргыз тилин окутуунун методологиясын жана технологиясын өнүктүрүү.

3. Илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил саясаты.

4. Мамлекеттик тил саясатын ишке ашырууга коомдун бардык чөйрөсүнүн катышуусун камсыздоо.

5. Мамлекеттик тилди санариптештирүү.

Программанын иш-чаралар планынына ылайык 2022-жылдын II жарым жылдыгында аткарылган иштердин кыскача мазмуну төмөндөгүдөй:

КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан аткарылган иштер.

“Мамлекеттик тил маселелери боюнча сурамжылоолорду жүргүзүү” боюнча 37-пунктка ылайык сатып алуу конкурсунун негизинде тандалып алынган кызмат көрсөтүүчү тарабынан Чүй облусу, Бишкек шаары боюнча 1200дөн ашуун респондент атайын түзүлгөн анкетага ылайык социологиялык сурамжылоого тартылды. Учурда анкеталар тиешелүү талдоого алынып, маалыматтык отчёту даярдалууда.

“Мамлекеттик тил саясатын илим чөйрөсүндө өнүктүрүү жана басма продукцияларды чыгаруу” боюнча 46-пункттун иш милдеттерине ылайык төмөнкү китептер жарыкка чыгарылды:

– “Кыргыз адабий тили:Улуттук доорго чейин жана улуттук доордо” (С.Мусаев);

-“Кыргыз тилиндеги көмөкчү этиштер” (Б.Юнусалиев);

-“Шумдук дарак” (балдар үчүн, Э.Турсунов);

-“Коңгуроолуу саат” (Г.Холматова);

-“ Биз-кыргызбыз” (Ж.Саадандебеков).

Мамлекеттик тилди колдонуучулардын аудиториясын кеңейтүү жана интернет тармагында таанып билүүчү-өнүктүрүүчү видео роликтерди жайылтуу максатындагы 54-пунктка ылайык кызмат көрсөтүүчүлөр арасында сатып алуу өткөрүлүп, 2 видео ролик даярдалды.

Улуттук комиссиянын карамагындагы “Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору” тарабынан 47-пункттун милдеттери боюнча айрым тармактык терминологиялык сөздүктөр жана балдарга арналган таанытма энциклопедия/сөздүктөр иштелип чыгып басып чыгаруу иштери жүргүзүлүүдө.

"Кыргызтест" системасынын деңгээлдик талаптарына ылайык “Кыргыз тилин жеңил интерактивдүү түрдө үйрөнүү үчүн мобилдик колдонмону иштеп чыгуу” милдетине (71-пункт) ылайык кыргыз тилин жеңил үйрөнүүгө багытталган мобилдик колдонмо иштеп чыгуу боюнча сатып алуу конкурсу өткөрүлүп, кызмат көрсөтүүчү тарабынан аталган колдонмо А1 деңгээлиндеги тил үйрөнүүчүлөр үчүн иштелип чыгууда.

“Жасалма интеллект принцибинде иштеген кыргыз тилиндеги текстти анализдеп семантикалык мазмунун түшүнүүчү программалык аппаратты иштеп чыгуу” аталышындагы 76-пунктка ылайык бул аппарат 2018-жылдан бери этаптуу иштеп келе жаткан кызмат көрсөтүүчү тарабынан заманбап кубаттуу компьютер сатылып алынып, жасалма интеллекттин ишке ашырылган этаптарын коомчулукка пайдаланууга сунуштоо үчүн даярдык иштери уланууда. КР Президентинин Администрациясында кубаттуу компьютердин атайын презентациясы КР Министрлер Кабинетинин төрагасы Э.Ж. Байсаловдун жетекчилигинде өткөрүлүп, жасалма интеллектке байланыштуу иштердин келечектеги стратегиялары тууралуу талкуу уюштурулду.

### КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

“Музыкалык жогорку, орто билим берүү мекемелеринин окуу стандарттарына ылайык мамлекеттик тилдеги окуу китептерин жана дүйнөлүк классикалык адабиятты мамлекеттик тилге которуу жана аларды басып чыгаруу” боюнча 27-пункттун милдеттерине ылайык сатып алуу өткөрүлүп, окуу процессине зарыл деп табылган 10 аталыштагы китептерди басып чыгаруу иштери жүрүүдө.

“Кыргыз кинематография өндүрүшүн колдоо жана мамлекеттик тилди пропагандалоо” боюнча 62-пункттун негизинде Кинематография департаменти тарабынан толук метраждуу даректүү “Байыркы кыргыз жазуулары” тасмасынын циклдик тартууга ылайыкташтырылган сценарийи макулдашылып, өндүрүш иштери уланууда.

“Жалпыга маалымдоо каражаттарында кыргыз тилинин адабий ченемдеринин сакталышына мониторинг жүргүзүү” тууралуу 66-пунктка ылайык сатып алуу конкурсунун негизинде “Тынчтыктын Мониторинг Сервиси” ЖЧК кызмат көрсөтүүчүсү аркылуу жалпыга маалымдоо каражаттарында кыргыз тилинин жалпы тил эрежелеринин жана адабий ченемдеринин сакталышына жана жалпы берүүлөрдүн көлөмүндөгү кыргыз тилинде өндүрүлгөн көрсөтүүлөрдүн үлүшүн аныктоого мониторинг жүргүзүлүүдө.

### КР Билим берүү жана илим министрлиги

Жаңыланган программанын негизинде мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдарынын кыргыз тили мугалимдери үчүн квалификациясы жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарын уюштуруу боюнча КР БИМге караштуу Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту тарабынан 700 000 сомго 2022 жылдын октябрь-декабрь айларында 806 мугалим төмөндөгү багыттар боюнча окутуудан өткөрүлүп, квалификациялары жогорулатылды:

-“Функционалдык сабаттуулук боюнча компетенцияларды калыптандыруу жана баалоо" боюнча 12 группа менен кыргыз тилин эне тили катары окуткан - 178 мугалим;

-“Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуудагы коммуникативдик методиканын негиздери” курсу боюнча - 27 топто 422 мугалим;

-“Орус\өзбек\тажик тилинде окутуу жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тили сабактарында жогорку класстардын окуучуларынын тилдик компетенцияларын калыптандырууга методикалык мамиле ” курсу боюнча - 7 группада 113 мугалим;

-“Кыргыз/орус тилин экинчи тил катары окутууда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо стратегиялары” курсу боюнча – 6 группада 88 мугалим.

КР БИМ тарабынан акча каражаты каралбаган пункттар боюнча милдеттердин аткарылышы тууралуу маалымат Улуттук комиссия тарабынан атайын талдоого алынууда.

### КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жусуп Абдрахманов атындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы “Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлерди «Кыргызтест» системасынын талаптарына ылайык окутуу” боюнча 56-пунктка ылайык 40 сааттык «Иштиктүү кыргыз тили» курсун уюштуруп, жалпы 649 мамлекеттик, муниципалдык кызматкерди төмөнкү деңгээлдер боюнча окутуу курсунан өткөрдү:

А2 деңгээли боюнча – 71 кызматкер;

В1деңгээли боюнча – 419 кызматкер;

В2 деңгээли боюнча - 159 кызматкер.

Окутуу курсунан төмөнкү мекемелердин кызматкерлери билим алды:

1. КР Президенттин Администрациясы – 32 кызматкер;

2. КР Жогорку Кеңеши – 37 кызматкер;

3. КР Ички иштер министрлиги - 40 кызматкер;

4. КР Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы – 210 кызматкер;

5. КР Айыл чарба министрлигинин борбордук аппараты жана министрликтин Суу ресурстарынын кызматы, Жер ресурстары кызматы, Ветеринардык кызматынан жалпы - 72 кызматкер;

6. КР Экономика жана коммерция министрлиги - 35 кызматкер;

7. КР Коргоо министрлиги - 18 кызматкер;

8. КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги - 30 кызматкер;

9. КР Санариптик өнүктүрүү министрлиги - 40 кызматкер;

10. КР Прокуратурасы - 37 кызматкер;

11. КР Энергетика министрлиги – 28 кызматкер.

### КР Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы

Табигый-илимий, техникалык жана башка гуманитардык эмес жана гуманитардык илимдер боюнча кыргыз тилиндеги изилдөөлөрдү жүргүзүдө 2022-жылдын II жарым жылдыгында табийгый, математикалык жана техникалык илимдер боюнча кыргыз тилинде жазылып, корголуп, бекитилген физика-математика илимдери боюнча илимий иштер болгон жок. Медицина-биологиялык жана агрардык илимдер боюнча 1 кандидаттык иш (биология илимдери) корголду. Коомдук жана гуманитардык илимдер боюнча 19 кандидаттык иш бекитилди.

“Табигый-илимий, техникалык, гуманитардык, медициналык багыттар боюнча изилдөөлөрдү орус тилинен жана башка чет тилдерден кыргыз тилине которуу” милдети жана КР Президентине караштуу УАКтын “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” жобосунун 61-пунктуна ылайык, илимдин доктору жана илимдин кандидаты окумуштуулук даражаларын изденип алуу үчүн расмий тилде жазылган диссертациялардын авторефераттары толугу менен мамлекеттик тилге которулуп, тапшырылып жаткандыгын белгилөөгө болот.

КР Президентине караштуу УАКтын илимий маалыматтар базасын иштеп чыгууда бекитилип жана иштеп жаткан диссертациялык кеңештерде коргоого уруксат берилген илимий кызматкерлердин адистиктери боюнча кыргыз тилине которулган паспорттору китепче катары чыгарылуусу үчүн басмаканага тапшырылган. Учурда басып чыгаруу иштери жүрүп жатат.

### Улуттук телерадиоберүү корпорациясы

УТРКга 2022-жылга бөлүнгөн каражаттын бардыгы төмөнкүдөй мазмундагы иштерде толук өздөштүрүлүүдө:

“Мамлекеттик тилдеги анимациялык продукцияларды тартуу” боюнча 63-пунктка ылайык сатып алуу конкурсу өткөрүлүп, кызмат көрсөтүүчүлөрү аныкталып, 2-6 жаштагы бөбөктөргө арналган таанып билүү багытындагы «Козулар» жана «Сыйкырдуу калем» аталышындагы 7-12 жаштагы балдарга арналган жалпы хронометражы 170 мүнөттүк анимациялык фильмдер тартылууда.

Мындан сырткары УТРКнын “Баластан” телеканалы тарабынан “Мультфильмдерди кыргыз тилине которуу” боюнча 64-пунктка ылайык жалпы хронометражы 1340 мүнөттүк, 82 сериялуу ар кыл мультфильмдер кыргыз тилине которулуп, телеканалдын эфиринен көрсөтүлүүдө.

Алар:

- «Аары Мая”, “Алтын күч” хрон., 89 мүнөт;

- “Минифорс Х”, 2-сезон, 52 серия, хрон., 676 мүнөт

- “Рей жана анын өрт өчүргүч командасы” 26 серия, хрон., 338 мүнөт

- Деңиз ыры» хрон., 93 мүнөт;

- Будори Гусуконун жашоосу”, хрон. 100 мүнөт;

- “Гочан”, -1 – бөлүм, хрон., 54 мүнөт;

- “Гочан”, 2 – бөлүм, хрон., 52 мүнөт;

- “Шимезо” хрон., 23 мүнөт.

### ЭлТР мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы

ЭлТРдин “Билим жана илим” каналы тарабынан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана билим берүү мекемелерине барууга мүмкүнчүлүгү жок аялуу катмардын өкүлдөрүнүн билим алышына шарттарды түзүү, дисстанттык окуутууда кесиптик билимге басым жасоо менен телерадиокомпаниянын эфиринен ашпозчулук, устачылык, зергерчилик, чач тарачтык, тигүүчүлүк кесиптери жана айыл чарба багыттары боюнча жалпы 93 предметтик сабактар жана программалар сурдологдун котормосу менен көрсөтүлдү.

Ошондой эле ЭлТР компаниясынын “Элфильм” котормо студиясында “мультфильмдерди кыргыз тилине которуу” боюнча 64-пунктка ылайык 143 сериялуу жалпы хронометражы 1703 мүнөттүк 3 мультисериял (“Керемет Дино”, “Диноформер”, “Ню Найтан”) кыргыз тилине которулуп, телеканалдын эфиринен көрсөтүлүүдө.

Учурда Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия бөлүнгөн каражатты натыйжалуу пайдалануу максатында Программанын иш-чаралар планындагы айрым пункттарга өзгөртүү киргизүү боюнча токтом долбоорун даярдап, тиешелүү министрликтерден макулдашуудан өткөрүп КР Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизген.

Жаңы долбоордо каражаттардын кийинки 3 жылдык өлчөмүнүн дээрлик 65% анимациялык мульфильмдерди тартууга, мамлекеттик тилдеги иш кагаздарынын ар кыл форматтагы үлгүлөрү жайгаштырылган мобилдик колдонмолорду иштеп чыгууга, ошондой эле тилди жеңил, тез өздөштүрүүнү камсыздоочу заманбап интерактивдүү продукцияларды иштеп чыгууга которулууда.

№13 (287)
30 01 2023
kyrgyztili@mail.ru



Нуржан МАРАЖАПОВА, Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун директору-башкы редактору

# ЭНЦИКЛОПЕДИЯНЫН ЭРТЕҢКИГЕ КАДАМЫ

1. 2022-жылдын 16-сентябрында "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата жарыяланган бир айлыкты өткөрүү алкагында санариптештирүү принциптеринин негизинде «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясынын электрондук алгачкы этабы коомчулукка презентация жасалды.

2. 2022-жылдын 14-октябрында Санариптештирүү принциптеринин негизинде Кыргыз энциклопедиясынын редакторлору «Кыргызстан» электрондук улуттук энциклопедиясынын алгачкы этабынын иштөө тартиби, иштин жүрүшү, келечеги, максаты ж. б. иштер боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жана терминология борборунун кызматкерлери менен бирдикте "тегерек стол" уюштурулду.

3. «Кыргыз Республикасынын 2021–25-ж. мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында 41, 44, 46-пункттарынын негизинде тендерлер өткөрүлүп, материалдык-техникалык каражаттардын бөлүгү жаңыланып, канцелярдык товарлар алынды.

4. Терминологиялык эксперттик топторду түзүү максатында облустардагы окуу жайларга кат жөнөтүлдү.

5. Китепканадагы энциклопедиялык эмгектер чирип, жок болуп кетүү коркунучун алдын алып, КР Министрлер Кабинетине энциклопедиялык эмгектерди бекер таратуу боюнча кат жазылды.

6. Терминологиялык комиссиянын курамы кайрадан түзүлдү.

7. Терминологиялык комиссиянын төрт жолу (2 көчмө жыйын) жыйыны өткөрүлдү.

8. Ономастикалык комиссиянын курамынын болжолдуу тизмеси каралды.

9. Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун функциялык милдеттери такталды жана бекитилди.

10. Кыргыз энциклопедия кызматкерлеринин октябрь, ноябрь, декабрь айларынын айлык маянасы чыгарылды (буга чейин 10 айдан бери кызматкерлер айлык маянасы жок иштеген)

11. Эмгек маянасын жогорулатуу, эселөө коэфициентин көбөйтүү максатында КР ЖК спикерине, КР Министрлер Кабинетинин Төрагасына каттар жөнөтүлдү.

12. ТИКА эл аралык уюмуна материалдык көмөк көрсөтүү үчүн кат жөнөтүлдү.

13. Өндүрүш жана басма бөлүмүн ишке киргизүү максатында келишимдик негизде менеджер жумушка алынды.

14. Мамлекеттик программанын негизинде "Улуттук нарк" түшүндүрмө сөздүгүнүн долбоору даярдалды.

15 Беш томдон турган балдар энциклопедиясынын сөздүктөрү түзүлүп, долбоору даярдалды.

16. "Кыргызстан" электрондук улуттук энциклопедиясынын 1-томдугун электрондоштуруу иши аягына чыкты.



ТУНУК КУРМАНАЛИЕВА, Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун терминология жана ономастика бөлүмүнүн башчысынын м.а.

# ТЕРМИНОЛОГИЯ ЖАНА ОНОМАСТИКА ЖАНА ТИЛДИН НЕГИЗИ

1. "Ички иштер органдарында колдонулган терминдердин (атоолордун) орусча-кыргызча сөздүгүндөгү" кетирилген мүчүлүштүктөр каралып, чаржайыт колдонулган, бирдейлештирүүнү талап кылган терминдер таблицага түшүрүлдү. Бул терминдер Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиянын талкуусуна коюлду жана бекитилди, басмага сунушталды.

2. "Салык терминдеринин орусча-кыргызча, кыргызча орусча сөздүгүндөгү" тактоону талап кылган терминдер Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиянын талкуусуна даярдалды. Бекитилип, басмага сунушталды.

3. "Статистика атоолорунун орусча-кыргызча сөздүгүндөгү (терминдер жана сөз тизмектери)" чаржайыт колдонулган, бирдейлештирүүнү талап кылган терминдер таблицага түшүрүлүп, Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиянын талкуусуна коюлду жана бекитилди, басмага сунушталды.

4. А. А. Эшбаев, Ч. А. Эшбаеванын "Медицинада көп кездешүүчү сөздөрдүн, аталыштардын орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгүндөгү" грамматикалык мүчүлүштүктөр такталды жана Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиянын талкуусуна даярдалды. Бекитилип, басмага сунушталды.

5. "Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштарынын сөздүгү" бөлүмдүн кызматкерлери (Ж. Карамолдоев, Т. Курманалиева) тарабынан түзүлдү жана басмага сунушталды.

6. "Кыргыз терминологиясынын азыркы абалы жана келечеги" аттуу илимий-практикалык конференция өткөрүүдө:

1) Иш мерчеми жазылды.

2) Конференциянын программасы жазылды жана конференцияга катышуучулардын тизмеси такталды.

3) Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна жана КР УИАна кызматтык каттар (маалымат кат), чакыруулар жөнөтүлдү.

2022-жылдын 10-октябрында Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун терминология жана ономастика бөлүмү уюштурган "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил жөнүндө" мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата "Кыргыз терминологиясынын азыркы абалы жана келечеги" аттуу илимий-практикалык конференция өткөрүлдү.

Конференцияга Терминологиялык комиссиянын мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын министрликтери менен ведомстволорунун адистери, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери катышты.

Конференцияны Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын орун басары, филология илимдеринин доктору Ж. К. Орозобекова ачты. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын саясий жана экономикалык изилдөөлөр башкармалыгынын бөлүм башчысынын орун басары О. Э. Капалбаев, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, академик О. А. Тогусаков, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору А. А. Акматалиев куттуктоо менен терминологиянын көйгөйлүү маселелери жөнүндө сөздөрүн сүйлөштү.

Төмөндөгүдөй илимий баяндамалар жасалды:

1) Г. Т. Курманбекова, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин табигый илимдер факультетинин деканы, биология илимдеринин доктору, Терминологиялык комиссиянын мүчөсү – *Биомедицинадагы терминдердин азыркы абалы.*

2) К. Б. Бактыгулов, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ага окутуучусу, техника илимдеринин кандидаты, доцент, Терминологиялык комиссиянын мүчөсү – *Техника тармактары кыргызча сүйлөй алабы?.*

3) Ы. К. Кадыров, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу, "Кыргыз тили" коомунун президентинин кеңешчиси, И. Арабаев атындагы КМУнун ардактуу профессору, Терминологиялык комиссиянын мүчөсү – *Термин жасоодогу актуалдуу маселелер.*

4) А. Э. Орозакунов, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Башкы штабынын мамлекеттик тил жана редакциялоо бөлүмүнүн башчысы, Терминологиялык комиссиянын мүчөсү – *Ички иштер органдарындагы терминдер маселеси.*

5) Т. Т. Курманалиева, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун терминология жана ономастика бөлүмүнүн башчысынын м.а., башкы адис – *Тактоону талап кылган терминдер.*

Соңунда конференциянын резолюциясы кабыл алынды.

7. "Мамлекеттик тил жана учурдагы терминология көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүүдө:

1) Иш мерчеми жазылды.

2) "Мамлекеттик тил жана учурдагы терминология көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын программасы жазылды жана конференцияга катышуучулардын тизмеси такталды.

3) Кыргыз, Казакстан жана Өзбекстан Республикаларындагы тиешелүү мекемеликтерге кызматтык каттар (маалымат кат), чакыруулар жөнөтүлдү.

4) "Мамлекеттик тил жана учурдагы терминология көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын ачылышына Кыргыз терминологиясынын тарыхын чагылдырган 7 мүнөттүк видеотасма даярдалды.

2022-жылдын 9-декабрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору уюштурган "Мамлекеттик тил жана учурдагы терминология көйгөйлөрү" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүлдү. Конференцияга Кыргыз Республикасынын терминологиялык комиссиясынын мүчөлөрү, мамлекеттик тил жана терминология маселесин изилдеген окумуштуулар (докторанттар, кандидаттар, аспиранттар), Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын кызматкерлери жана Казакстан Республикасынан келген окумуштуулар катышты.

Конференцияны Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, профессор К. Осмоналиев ачты.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун директору, академик А. А. Акматалиев, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, филология илимдеринин доктор Булдыбай Анарбай Саги уулу, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору Б. Б. Топоева-Ставинская ж.б. куттуктоо сөздөрүн айтышты.

Илимий баяндамалар менен төмөнкүлөр чыгып сүйлөштү:

И. Ш. Султаналиев, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тил илими кафедрасынын доценти, Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиясынын мүчөсү – *Ааламдашуу алкагында улуттук терминология маселелери.*

Ы. К. Кадыров, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу, "Кыргыз тили" коомунун президентинин кеңешчиси, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ардактуу профессору, Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиясынын мүчөсү – *Бирдейлештирүүнү талап кылган терминдер.*

А. С. Булдыбай, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, филология илимдеринин доктору, профессор – *Казақ терминологиясы және терминдерді қалыптастырудағы Ахмет Байтұрсынов орны.*

Ж. С. Ракыш, М. О. Ауэзов атындагы Адабият жана өнөр институтунун жетектөөчү илимий кызматкери, филология илимдеринин кандидаты – *Фольклортану терминдер сөздігін жасаудың қағидаттары.*

Т. И. Эшенкулов, Эл аралык Кувейт университетинин улук окутуучусу – *Ала-Тоо топонимининин табышмагы.*

Т. К. Сыдыкова, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын Терминологиялык комиссиясынын мүчөсү – *Кыргыз терминологиясы жана андагы негизги талаптар, принциптер.*

М. С. Давлетов, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун улук илимий кызматкери – *Котормо жана терминология.*

Г. К. Джумалиева (ф.и.д.), А. А. Касиева (ф.и.к.), Ж. Мусажанова (магистрант), Кыргыз-Түрк "Манас" университети – *Универсалдуу багыныңкылык (Universal Dependencies) веб-долбоорундагы терминдердин кыргыз тилине ылайыкташуусу.*

А. Т. Жамашова, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил кафедрасынын башчысы – *Кыргыз тилиндеги адабият терминдеринин жасалуу жолдору жана байланыш булактары.*

Г. Дж. Джунушалиева, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун улук илимий кызматкери – *Соматикалык терминдердин чен-өлчөмдүк кызматы.*

Соңунда конференциянын резолюциясы кабыл алынды.

# «Кыргызтест» эшиги ар дайым ачык

*Эл аралык стандарттарга шайкеш иштелип чыккан «Кыргызтест» системасынын негизинде Кыргыз Республикасында жүргүзүлүүчү тестте тилди үйрөтүүдөгү бардык тилдик көндүмдөр, тактап айтканда, жарандардын лексикалык жана грамматикалык нормаларды иш жүзүндө колдоно билүүсү; маалыматты өзү окуп жана угуп түшүнө алуусу; өз оюн оозеки жана жазуу жүзүндө жеткиликтүү билдире алуусу бааланат.*

Тестте «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптарына ылайык күнүмдүк-тиричилик, социалдык-маданий, окуу жана расмий-иштиктүү (кесиптик) багыттагы тапшырмалар берилет.

## ТЕСТ ЖҮРГҮЗҮҮ ТАРТИБИ

«Кыргызтест» системасы боюнча жүргүзүлгөн тестте бардык субтесттер электрондук тартипте (компьютерде) аткарылат.




Бардык 5 субтестти камтыган жыйынтык сайтка жайгаштырылат.




«Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинде 2022-жылы 7821 адам улуттук «Кыргызтест» системасы аркылуу тест тапшырышты.

2022-жылы «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин көчмө тобу Баткен облусунда түзүлгөн кырдаалга байланыштуу мобилдик тест жүргүзгөн жок.

Ал эми республиканын калган бардык облустарында бекитилген графикке ылайык тесттер жүргүзүлүп, жалпы 4011 адам катышты:

1. Ош облусу – 1546 4. Нарын – 433
2. Жалал-Абад – 713 5. Талас – 331
3. Ысык-Көл – 583 6. Чүй – 405

Аталган тесттерди көчмө топто жогорку деңгээлде уюштурууга салымын кошкон кызматкерлерге жана ЖОЖдордун ректорлоруна «Кыргызтест» мамлекеттик мекемеси терең ыраазычылык билдирет.





Ош шаары, 2022-жылдын ноябрь айы. ОМПУнун имараты





Жалал-Абад шаары, 2022-жылдын апрель айы. ЖАГУнун имараты





Каракол шаары, 2022-жылдын декабрь айы. №11 мектеп-гимназиясы

## 2022-жылы тестке катышкан мамлекеттик кызматкерлердин жыйынтыктары

| МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТКЕРЛЕР | ТЕСТКЕ КАТЫШКАНДАРДЫН САНЫ | «КАНААТТАНДЫРАРЛЫК» ЖЫЙЫНТЫК | | «КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС» ЖЫЙЫНТЫК | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | САНЫ | % | САНЫ | % |
| | 6034 | 1787 | 29,6% | 4247 | 70,4% |

| Аймактар боюнча тест жыйынтыктары (мамлекеттик кызматкерлер). | | |
|---|---|---|
| АЙМАКТАР | КАНААТТАНДЫРАРЛЫК (саны) | КАНААТТАНДЫРАРЛЫК ЭМЕС (саны) |
| БИШКЕК | 1131 | 1784 |
| ОШ | 277 | 939 |
| ЖАЛАЛ-АБАД | 160 | 495 |
| ТАЛАС | 69 | 191 |
| НАРЫН | 64 | 291 |
| ЧҮЙ | 52 | 185 |
| ЫСЫК-КӨЛ | 34 | 360 |
| БАТКЕН | 0 | 2 |
| БАРДЫГЫ: | 1787 | 4247 |




### Онлайн тесттер

2022-жылы Австрия, Бельгия, Улуу Британия, Венгрия, Германия, Берлин, Германия, Бонн, Германия, Франкфурт-на Майне, Казахстан (Ас тана), Канада, Катар, Кытай, Гуанчжоу, БАЭ, Пакистан, Россия, Москва, Россия, Санкт-Петербург, РФ Новосибирск, Сауд Арабиясы, АКШ, Нью-Йорк, Таджикистан, Украина, Швейцария, Женева, Япония өлкөлөрүндөгү элчиликтердин, өкүлчүлүктөрдүн кызматкерлери арасында тест уюштурулду.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 33 жылдыгына карата мамлекеттик тилдин бир айлыгынын алкагында республиканын аймактарында флешмобдор (чакан тесттер) өткөрүлдү.

- 28.08.2022. - Ош шаары, «Нурзаман» соода борбору;
- 15.09.2022 - «Бишкек Парк» соода борбору;
- 16.09.2022 - «Манас» эл аралык аэропорту;
- 23.09.2022 - Чүй мамлекеттик университети.



Ош шаары, «Нурзаман» соода борбору



«Бишкек Парк» соода борбору



«Манас» эл аралык аэропорту



Чүй мамлекеттик университети

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө», «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Административдик кызмат орундарын ээлеген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматкерлердин мамлекеттик тилди өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн керектүү көлөмдө билүү деңгээлин белгилөө жана аны мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине киргизүү мөөнөтү жөнүндө» 2017-жылдын 21-ноябрындагы №757 Токтомун аткаруу алкагында Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында жүргүзүлгөн тесттердин жыйынтыктарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде төмөндөгүлөр аныкталды:

- жазуу субтестинде орфографиялык жана стилистикалык каталар көп кетирилет;
- жазууда да, сүйлөөдө да адабий тилдик нормалар көпчүлүк учурда сакталбай келет;
- жазуу жана сүйлөө иштеринде этиштин айрым формалары туура эмес колдонулат, мисалы: а) келейли, барайлы, аткарайлы, отурайлы, турайлы...; б) барчык, келчик, турчук, отурчук, аткарчык...;

  в) эсептелинет;
- сүйлөөдө орфоэпиялык каталар кездешет, мисалы: а) кары адам – каары адам, кар – каар, улуу адам – уулуу адам; б) тосуп алуу – тозуп алуу, ысык – ызык, досум – дозум, кандайсың – кандайзың; в) катуу – каттуу, ысык – ыссык...;
- жазуу жана сүйлөө жоопторунда нускамада көрсөтүлгөн көлөмдүк талаптар аткарылбай, тема толук ачылбаган учурлар көп;
- «Жазуу» субтестин аткарууда аймактарда компьютердик техниканы колдоно албаган кызматкерлер дагы эле бар экендиги аныкталды.



№13 (287)
30 01 2023
kyrgyztili@mail.ru

# facebook ИНТЕРНЕТ ТАЛКУУ

*Бүгүнкү күнү интернет, маалымат булагынын негизги тармагы. Кыскасы, интернет "казаны" дайыма боркулдап кайнап турат. Биз да мындан кийин газетабыздын бир бетин "Интернет талкуу" рубрикасына арнайлы дедик. Иш башы өзүбүздөн болсун...*






**Төлөгөн СУЛАЙМАНОВ:**

– Жараткан жар болун, оозуңдан сөзүң, колуңдан комузуң түшпөсүн, Болот Назаров дос!

Д. КЕРИМОВ:

– "Кара Баатырга"агалык кеңеш: өнөрдү Улуу Жараткан жана ата-эне берет, убайын эл көрөт. Чыныгы өнөрпоз эл тарапта болуп, элдин мүдөөсүн жар салып, ошол элге таянат. Кайсы бир топтун, партиянын, бийликтин да тузагына азгырылып, куралына айлангандан Кудай сактасын. Кийинки эле Эгемендиктин тайгалак жолдорунда талanttуу делген бир далай жигиттер "азгырыктан" аксады, өксүп же таптакыр өчтү. Ал эми, төкмөчүлүк – кыргыз сөз өнөрүнүн улуу башаты, аны түз карман, түз колдонгондор да тарыхта манжа менен саналып калды. "Капыс мүдүрүлүп кеткениңди каргашалуу санаба, балким, бактың дал ошол жерден башталат..." деп, Лев Толстой жазган болуу керек, узун сөздүн кыскасы, азаттыгын кут болсун, Кара Баатыр!



**Бектемир ТӨЛӨН уулу:**

*Кечиргиле*
*Коркпостон кысымынан, түрмөсүнөн,*
*Карч уруп күрөштүңөр жер дегенде.*
*Чабылды садагага эркиндигиң,*
*Чакырган үчүн жерди бербегенге.*
*Айласыз башты чайкап кала бердим,*
*Силердей адам калбай дем берээрге.*
*Айымдар абактагы кечиргиле,*
*Колумдан эч бир жардам келбегенге.*

Д. КЕРИМОВ:

Эл + Жер +Тил +Эркиндик = Мамлекет түптөлөт, курулат, бекемделет. Атам замандан ушул тилек, ушул күрөш тынбай келет. Ал эми Кыргыз эли, береги оңой келген Эгемендиктин отуз жылдан ашык мезгилинде өзгө элдердин түшүнө да кирбеген кармаштарды тагдырынан кечирди... Эмне болду, эмне өзгөрдү, кайран эл кармаштардан чарчадыбы? Суроо көп, өгөлө көп. Демек, өз алдынча же өзүбүздөн жооп издеп көрбөйлүбү, агаин...



**Мээрим САЙДИЛКАН:**

– Маданият министринин акылы "Азаттык" радиосун жабуу боюнча сотко кайрылууга жетиптирби? Буга чейин ушул министрдин мурда эмне иш кылганын билбейм, дегсем аябай макташтты эле фанаттары! Жеке куржунума чейин жасаган иштеринин тизмесин жоготушуп...

Д.КЕРИМОВ:

– Эстеп, эстеп отурсак, береги Эгемендик доордо бийлик "Азаттык" радиосун биротоло жабуу менен алек, а эли көбүнчө ушул берүүнү көрүп, угуу менен алек...

**Махабат МОЛДАЛИЕВА:**

– Адам мактоону башкадан угуу керек. Азыр өзүн-өзү мактагандар көбөйдү...

Д. КЕРИМОВ:

– Фицджеральд Скотт беле, "Ал кезде көз көрүнөө мактоолорду шылдың кылган катары кабыл алчу элек..." дегени бизде да бар эле да...



**Аскер САКЫБАЕВА:**

– Болот Назаровго бош-тондук!

**Дүйшөн КЕРИМОВ:**

– Ээ калемдештерим, бир-экөөң кыйкырган менен андагы кайран акын Токтогул Сибирге айдалганда деле, азыркы улуу элбиз деген, кыргыздын ата-бабалары дал ушундай үндөбөй кала беришкендери калп эмес го дейм...



**Семетей ТАЛАС уулу:**

– Батыштын атактуу жазуучуларынын китептерин окусаң каармандардын аянычтуу тагдырлары кафе, бистро, сойкукана, мейманканаларда айланып, аларды коньяк, арак-шарап коштоп... Сойкулук, көңүлдөштүк, зынаакорлукка байланган бактысыз тагдырлар. Айтор, шам-шум эткенге кире калчу жертөлөдөгү арзан ашкананын майланышкан үстөлүндөй өзүнчө бир кир дүйнө. Бекеринен Габриэль Маркес: "Менин таалайсыз шуркуяларымды эстеп" деген китеп жазбагандыр... Каармандардын акырети кантти экен. Антейин десең, түнкү Бишкекке деле ушул китептердеги жашоо келди... Ал жакка барбаган үчүн бизге кызыксыз... Акыреттери кандай болор экен?..

Д. КЕРИМОВ:

– Чыкыйында акыл көреңгөсү бар адам түз жолду жалаң эле дааваттан, чиркөөдөн же ар кандай диний, психологиялык секталардан издебей, ошол бүткүл адамзатка ортоk рухий дөөлөт болгон адабияттан жана эң жакшысы өзүндөн издөө, аныктоо, таануу Улуу Жаратканды (Арабдар Аллах, орус бог, англис гад, калмак бурхан, а кыргыз теңир, кудай таала... дейт) буйругу, ыкрары менен жаралган пенде, адам, киши катары милдетим, парзым деп, билүү, таануу, аткаруу төтө жол го, агаин...



**Аскер САКЫБАЕВ:**

– Өзбекстан менен карым-катышта чын эле тең экенибизге же биз тарап утканына чоң шек бар!

Д. КЕРИМОВ:

– Мен да билгенимди божурап көрөйүнчү... Тээ СССР бийлиги орноп, орто Азиядагы республикалар аныкталып, чегара чийиле баштаган кез экен. Албетте, комиссия башчылары Москвадан, курамы жергиликтүү улут өкүлдөрү,кыскасы, узакка созулган машакаттуу иш. Масeлен, чегара тактоо күнү кечке уланып, талаш - тартыштан соң чекке мамы орнотулуп же казык кагылып, эки тарап эс алууга кетет. А эртеси кыргыз тарап келгиче баягы мамы же казык башка жерге жылып калган болот... "Көрсө, ала допучан ашыналар Москвадан келген каттаны түндөсү эле,"Тынчытып..." коюшчу экен, ал болсо "Давайте, дальше работаем..." деп, кыргызды укмаксанга салып басып кетет. Кайран жерлерибиздин кертилиши ошондо эле башталган да уулум..."деп, ыйламакчы болуп айтып берген аксылык карыянын сөзүн, мына эми ортодон отуз жылдай мезгил өткөндөн соң, мен кембагал да элдир-селдир эстеп олтурам...




"Манас" киносу Түркия, Америка, Кытай менен биргелешип тартыла турган болду" – Саясат.kg.

Д.КЕРИМОВ:

Адегенде, "Манас" тарыхый эпосун киного тартууга болобу, деген суроого жооп: Жок! "Манас" - Кыргыз элинин, эсеби масeлен, дин китептериндей эле ыйык, куттуу, кол тийгис аманат мурасы, нарк, намыс, рухий дөөлөтү. Сан кылымдык көчмөн турмуш тагдырынын даңазалуу эпопеясы. Дүйнөдө жок (!), бул оозеки адабияттын шедеврин дал ошол Айкөл Манас баатырдын кырк чоросунун бири Ырамандын Ырчы уулунан тарта соңку могикан Саякбай Каралаевге чейин кагылайын сөз өнөрүнүн улуу байрагын желбиретип келген манасчылардын бүтүндөй галерея-армиясы курады, түздү, орнотту да... Атаның арман, анан анын сценарийин кантип бир киши жазат?.. Фильмин кайсы режиссер тартат?.. Манас, кытайлар тарткан Чыңгызхан же түрктөр тарткан эр Торгул да эмес. Болуптур, "Семетейди" тартканда үндөбөдүк эле, эми "Төлөбек дос, тигиниңди тарт жана улуттун ыйыгы "Манастан" колуңду тарт!" дей турган кез келген экен да...



**Санжи ТУЙТУНОВА:**

– Демократияны, Сөз эркиндигин жектегендер, Путинди жактагандар арасында динзарлар, молдолор да бар экен. Силер демократия, сөз эркиндиги болгону үчүн каалагандай кийинип, дин тутуп жүрөсүңөр деген киши жок. Демократия жок, сөз эркиндиги буулган авторитардык өлкөлөр мечиттерди же сыйынуучу жайларды жаап, жоолуктарын чечтирип, сакалдарын күчтөп эле алып салышарын окуп жүрбүз го. Анча-мынча динзарлары авторитардык лидердин башкаруусун жактайт айласыз. Болбосо камалат же куулат. Айланайын, акылдуу молдолор диндештериңерге демократия сабактарын өткүлөчү, агарткылачы бир.

Д. КЕРИМОВ:

– Баардык диндердин идеялык өзөгү барып, келип эле кыргыздын байыртан келаткан, "Көрбөйт деп ууру кылба, укпайт деп ушак айтпа,калп айтпа!" деген,- жадыбалдай накыл сөзүнө үндөш, максат -тилектеш. Ал эми, биз эңсеген демократия принциптери, эркиндик (адам,укук, сөз) жана мына ошол жогоруда айтылган накылдын маани-мазмунун мыйзамдаштыруу жана мыйзамды так аткаруу. Демек, поп же молдо демократияны танса, Кудайга жагабы?..













## *Табылды Эгембердиев*

*Эгемен кыргыз тарыхында улуттук этнография тармагынын реформатору катары калды. 3-февраль күнү бу кайталангыс чыгармачыл адамдын тарых-таржымалы, ишмердиги тууралуу жазылган китептердин бет ачары болуп, КТРде эскерүү кечеси өткөрүлөт. Албетте, Табылды Эгембердиевдин жаратып кеткен "Шоро" дүйнөлүк суусундугу, "Супара" этно комплекстери кыргыз элинин нарк-насилине, болочок жашоо өнүгүүсүнө дем берип, улуттук өчпөс рухий өрнөк катары сыймык болуп тура берет.*










Чолпон СООРОНБАЕВА, К.Тыныстанов атындагы
Ысык-Көл мамлекеттик университетинин
Философия кафедрасынын ага окутуучусу



# МУЛЬТИМАДАНИЙ КООМДОГУ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН КЫЗМАТЫ

*Азыркы мезгилдин динамикалуу мобилдүүлүгү мульти-интеграциялык процесстерди ачып, адамдагы маданий, социалдык жана этикалык нравалык баалуулуктардын диапозонун кеңейтип жатат.*

Жаңы багытка бет алган кыргыз элинин жалпы коомдук маданий көз карашы тереңден таанып билүүгө үндөдү. Байыркылардын жомок, дастан, эпосторунан тартып, тарыхый жашоо образдардын далилдүү чагылдыруучу ойчул даанышмандар ар убакта өз доорунда өзгөчө орун алып жашап келишкен. Эски көз менен жаңыча идеологияны гармониялаштыруу айкын милдет катары аткарылган. Улуттук элитанын өзөгүн түзгөн чечендер, акылман кеңешчилер, ойчулдар, акындар, насаатчылар, эл башчылары, бий-болуштар мамлекеттүүлүктүн ынтымагын сактоого кам көрүшкөн. Элдин түзүлүш курамын улуттук уникалдуулукту биримдикте сактоо ар биринин зор парзы катары аткарылган. Уруулук мүнөздөгү калкты консолидациялаштыруу, калыпка салуу, ишенимдүү принциптерди аңсезимге сиңирүү оголе көп түйшүктү жараткан.

Кыргыз эли өзгөчө сөз менен айтып жеткизе алгыс, кагазга түшүрүп бүтө алгыс баалуулуктарга өтө бай. Аларды четинен санаганыбызда, «Манас» алп океандан кийинки оозеки фольклордук чыгармалардан тартып жазма адабиятыбыздын өзү, көрөңгөлүү сөз берметтерин тизген акылман ойчулдарыбыз, акылга тунуп, асылды беттеген даанышмандарыбыз көөнөрбөс улуулукту айгинелеп турат.

Кыргыз эчен тарыхта такшалып, кечүүнү кечип, өрдү, тоону, жайытты жердеп, оомал-төкмөл дүйнөнүн чөйчөгү менен чайпалып, бирок, төгүлбөй жашап келди. Алардын уюткусу, ырыскысы дагы да эл эсинде, көөдөн көкүрөктө жаңырып турат. Натуралисттик мүнөздөгү табигаттын сырын чечкен эл, оргуган талантты өтө астейдил барктаган. Эгер кыргыздын санжыргалуу куржунун аңтара карасак, байыртадан жаңырган эпостору, жомоктору менен дастарынан сырткары конкреттүү объективдүүлүктү чагылдырган таасын ойду омкоро айткан олуя ойчулдары да болгон. Кыргыз интеллигенциясынын башында турган, канаты мезгилсиз сынган агартуучу, биринчи «Кызыл профессор» К. Тыныстановдун жараткан эмектерин тил маселеси дегенде, эстебей кое албайбыз. Анын ар кыл чабыттагы талантында, оргуган чыгармачылыгында кошо илимий мазмундагы тилди калыпка салуу, улуттук жазмага ээ болуу ж.б. эмгектери интерпретацияланып жатат. Учкай болсо да. Ошол алгачкы интеллигент илимпозго токтолсок.

К.Тыныстанов "Биз эмне үчүн латын алфавитине өтүүгө басым жасайбыз?" деген макаласын жарыялап, биринчилерден болуп араб алфавитинен латын алфавитине өтүү жөнүндө маселе койгон. Бул макалада окумуштуу "латын алфавитин кабыл алуунун максаты Чыгыштын ак чалма оронгон ажы-молдолорун жок кылуу үчүн эмес, а кыйла табигый жол менен өзүбүздүн адабиятыбызды жана маданиятыбызды түзү" экендигин белгилеген. Жаңы алфавитти киргизүү жеңил иш эмес экендигин жакшы түшүнүү менен, ал "Жаңы алфавиттин достук коомун" түзөт. 1925-жылы Бишкектеги илимий-агартуучулук жыйында Касым Тыныстановдун сунушу колдоого ээ болгон. Касымдын 1926-жылы жаңы жазуу ишинин калыптануу маселесине арналып Бакуда өткөн Бүткүл союздук түркологиялык конференцияда негизги докладчылардын биринен болуп бекитилгендиги эле түркологдордун арасында анын илимий кадыр-баркынын жогору экендигине күбө.

"Узак сапар биринчи кадамдан башталат" демекчи, кыргыз тилин улуттук маданияттын дың жеринин кыртышы боюнча алып өтүү чыныгы илимий эрдикти талап кылган иш эле. Касым Тыныстанов мектеп үчүн "Эне тил" китебин түзгөн. Баш сөзүндө ал минтип жазган: "Бардыгы жөнүндө айтпа, бирөө жөнүндө айткын" деген макал бар. Биз дагы бул китепти билимибиз ашыптатшып жаткандыктан эмес, зарылдыктан гана жаздык".

К.Тыныстанов кыргыз тилинин тыбыштык катарын зор шыктануу менен жазгандыгын, тыбыштардын классификациясын бергендигин, бүгүн да өз маанисин жоготпогон аныктаманы сунуш кылгандыгын тилчилер бир добуштан белгилешет. Аны Ата Мекендик фонологиянын баштоочуларынын бири катары эсептешет. Андан кийин К.Тыныстанов эне тили боюнча окуу китептерин жазууда чоң ишке киришкен. Анын бул дың бузган эмгеги азыркы учурдун талаптары боюнча да жогорку баага татыктуу.

Кечээ эле карапайым оозеки тил бүгүн китеп тили, адабий тил болуп жатса ага кантип кубанбайсың. Жазуу-сызуусу пайда болуп, сабатсыздыгын жоюу, билим берүүнү көздөгөн тил бүгүн мамлекеттик тил, илимдин тили, дипломатиянын, маданияттын тилине айланып отурат.

Улуттун атын атаса аны менен биринчи тили айтылат эмеспи. Кыргыз эли өзүбүздү улуу эл деп, жылдызга теңеп келебиз. Мамлекеттик тил деп көкүрөк койгулаганыбыз менен, тил үчүн жасалма күйөрман болгонубуз менен тилдин артында тоодой болгон, зоодой болгон маселелери жатат. Жыл сайын салт кылып бараткан 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү деп ар бир мекеме , уюм, ишкана, окуу жайларынын баардыгы жарыяларын кооздоп жазып, тил маселесин жогорку деңгээлде ишке ашырганын көрсөтүүгө далалат кылышат. Мындай бир күндөгү эки сааттык оюн-зоок менен эле кыйратып жатып калабыз. Ушул иш-чаралар менен өзүбүздү канчага чейин тил күнүн өзгөчөлүк менен белгилеп келебиз? Же биз кимдирбирөөлөргө көз каранды болуп, бирөөнүн жеринде жашап күн кечирип жатабызбы? Же тилибизди кесип, кыстоого алып турган эксплуатациялык доордобузбу? Анда эмне өз тилибизди өз алдыбызча кенен, коркпостон, агынан жарыла сүйлөп колдоно албайбыз. Орус тилине көз карандылыктан кутулбай жатып эми англис тилине болгон басым баштады. Азыркы динамикалуу коомдун мобилдүүлүгү талап кылгандай тилдин өзүндө мультимаданий, мультитүшүнүктөр да болушу шарт. Ага чейин ким экенибизди тааныбасак, « улутуң ким?» десе, « кыргызбыз» дейбиз, а чынында бир да сөздү кыргызча айта албай, айтсак да баркына жетип түшүнө албай чайналабыз. Мына биздин улуттук жүзүбүз.

Саясий практикада акыйкат катары далилденип келе жаткан билингвизм маселеси бизде айрыкча даана көрүнөт. Билингвизм деген менен миңдеген жылдык тарыхка ээ болуп, табигаттын сырын чечкен, келер чакты туя билген, арманы менен кубанычы комузда коштолуп, даңазаланып «Манаста» айтылган тили азыркы мезгилде айтылбай калабы?

Байыркы бабалар үнүн анда биз кайсы тилде тыңдайбыз, байыркынын дастанын, керээзин, арманын, даңазасын, көкүрөктө кайнаган отун, жалындаган улуу ырын кайсы тилде угабыз? Албетте, кыргыз тилинде. Анда эмнеге кыргыз тили кыйшайып келүүдө. Замандын боосун бек кармап, дүйнөнүн технологиялык өзгөчө кереметин кошо ала келип жашасак да кыргыздыгыбызды унутпайлы. Кыргыздын кыргыз экени тилинен билинет.

Батыштын азыркы модели менен карасак, саясий институттардагы бардык кызмат орундары, алардын функционалдык ишмердүүлүктөрү демократиялуулуктун агымы менен жаңы терминдерди кошуп, байытууда. Коомдогу бизнес-структураларда, мамлекеттик иш-чараларда, жетектөөчү компанияларда, фирма жана уюмдарда улам жаңылыктар кенен болуп, универсалдуу сөздөр колдонулууда.

Мисалы, 1995-2000-жылдарда мамлекет башчысын «ажо» деп атап, термин кадимки жашообузда кеңири колдонула баштаган эле. Азыркы учурда жөн гана президент же «мамлекет башчысы» деп айтып калдык. Демек, жетекчиликтин колдонгон сөздөрү да турмуштук лексикабызда да пайдаланылат. Парламент, спикер, фракция, коалиция, меморандум, губернатор ж.б. сөздөр формасы жана мазмуну боюнча да чет элдик сөздөр. Байыркы антикалык доордогу саясий ишмердүүлүктө да пайдаланган сөздөр убакыттын өтүшү менен жаңы доордо да актуалдуу болуп, интерпретацияланууда. «Фракция» - француз тилинен келген, «саясий партиялардын мүчөлөрүнүн биригиши» деген маанини билдирет, «Спикер» - англис тилиндеги термин. «Оратор» деп колдонулган бул сөз 1990-жылдардын ортосунда пайда болуп, мамлекеттик башкаруунун ишмердүүлүгүн билдирип калды.

Биз кыргыз тилин жогорку деңгээлге көтөрөбүз десек анда экономикалык, саясий, географиялык, илимий негизде жаңыланып, сырттан кирген сөздөрдү өтө кыргызчалап жиберүүнүн зарылчылыгы жок. Нанотехнология мезгилинин сөздөрүн таптакыр кыргыз тилине которууга мүмкүн эмес. Айталы, «компьютер» - эл аралык тилде да ушундайча аталат, эми аны кандай деп которуубуз керек? Архаизм тилдеги эскирген сөздөр сакталып, айрым аймактарда колдонулуп, тарыхта калса ошон үчүн арха деп аталат. Кээ бир котормочулукта биз байыркы кыргыз тилинин үлгүсүнө таянып, жаңы модернизация сөздөрүнүн баркын да түшүрүп жатабыз. Тилдин байлыгы ошол жаңылыктары менен кошо коштолот эмеспи. Анда неге Конституциядагы демократия, унитардуу деген сөздөрдү да которуп салбайбыз.

Мультимаданий коомдун өзү жеке бир тилге таянбай, дүйнө алаканга салгандай кашкайып турганында улам пайда болуп жаткан термин, түшүнүктөрдү жаңы көз карашта туура маанисин бурмалабай кабыл алсак андан эч кандай зыян тартпайбыз. Себеби, ошондой жаңы сөздөрдүн өзүн тартып кошуп алуу менен 21-кылымдын сабында тилдик байлыгыбыз кеңейип, үйрөнүп окуй турган жарандар да көбөйөт. А эгерде өтө эле арха-тарыхый сөздөргө оодарсак анда ал тилди эл аралык маанисинен ажыратып үйрөнүүгө кимдин көңүлү келет.

Мамлекеттик тилди жашоообуздун баардык сфераларында туура, тең колдонуу үчүн төмөнкүдөй сунуштарды эске алсак:

1. 23-сентябрь мамлекеттик тил күнү деп токтом үчүн толтуруп, эки сааттык кече өткөрбөй, мыйзамдуу түрдө кабыл алуудан сырткары, атайын «Кыргыз тил күнү» деп белгилөөгө өтсөк. Ал күнү токтомсуз эле, официалдуу куттуктоосуз, желексиз, кооз жазууларсыз гана чыныгы кыргыздыгыбызды көрсөткөн күн катары белгилесек. (Мисалы Россияда «День русского языка» иш-чарасы өтүп турат).

2. Дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин мыйзамдарында эки тилди кабыл алуу практикасы жок. Андыктан тил маселесин жөн гана талашталкуу менен өткөрүп тарап кетпестен, Баш мыйзамдагы тил же билингвизмди кайра кароо керек.

3. Чет элдик же сырттан кирген, коомго, экономикасаясатка, өзгөчө маанидеги, илимий терминдерди өтө эле кыргызчалатпасак, анткени тилди биз артка, өткөн кылымдардагы түшүнүккө оодарган болобуз.

4. Башка улуттун адамдары Кыргызстандын чегинде кайсы кызматка орношпосун сөзсүз түрдө тил билүүсү боюнча тиешелүү документи же сертификаты кошо талап кылынуусу зарыл.

№13
(287)
30
01
2023
kyrgyztili@mail.ru



## Алым Токтомушевдин казынасынан:

# СТАЛИН

Наполеон роман жазган, Гитлер сүрөт тарткан, Маркстын, Мао Цзедундун ырларын окуганбыз. Андроповдун ырларын окудук. Эсил кайран СССРдин экс-спикери А.Лукьянов “Осенев” деген ылакап ат менен ыр китеп чыгарганын билебиз. Жакшы ырлар болчу, эч кимге өөн учураган эмес. Анан Сталин ыр жазган десе эле шектене калчубуз, үрпөйө түшчүбүз, кандайдыр бир кекээр пайда болчу. Көрсө, туулганда эле падыша, болгондо да зулум падыша бойдон туулуп калбайт экен, ал деле көкүрөктө жан барда ыйлайт экен, кечээ жакында “Молодая гвардия” журналы (№10) Сталиндин ыр түрмөгүн чыгарыптыр. Баш сөзү да кеңири. Алардын айтымына караганда, Иосиф Жугашвили ыр жазууну эрте – он үч жашында баштаптыр. Ошол замат көпчүлүктүн көңүлүн буруптур. Грузин адабиятынын классиктеринин бири – Илья Чавчавадзе, “Жалындаган көз карашы бар” жаш акындын чыгармаларына назары түшүп, мектеп окуу китептерине (хрестоматияларга) киргизиптир. Гезит-журналдарга үзбөй жарыяланып турчу экен. Анысы антип-минтип үч жылга – 1896-жылга чейин созулуптур. Андан кийинки максат-мүдөөсүн кызы, орус революциясынан таап кетсе керек.

Байкап баккан адамга эски кылымдын этеги, жаңы кылымдын башы орус тарыхында жөн өтпөйт. Кара кыргын, кызыл сүргүн менен өтөт. Кандуу согуштар тутанат. Оңолбос дүйнөнү оңдойм деген көзү ачыктар, шектүү пайгамбарлар, жалган падышалар, селсаяктар элдин эс-акылын дүүлүктүрүп, эмен бактай дүпүйгөн турмуштун дүрбөлөңгө салат. Лже... бизче айтканда, жалган Дмитрийлер, Разин, Болотников, Пугачевдор ошондо чыккан. Азыр да ошондой болуп жатпайбы. Анын эпкини бизге да тийди. Кытай эле эмес, орус кыймылдаса да кылым кыймылдары белгилүү болду. Сталин ошол мезгилге, дал эле биздин азыркыдай мезгилге туш болуп атпайбы. Андай учурда “Ырдын эмне кереги бар, уйкаштырып да киши сүйлөчү беле” деген Смердяковдордун күнү тууйт. Ополоң-тополоңдордун күүсү менен оолуккандардын көкүрөгүн дат, көзүн май басып, бийлик, байлык деп калат. Бизде да ошондой болуп жатат. “Адабиятыңдын кимге кереги бар” деп айкыргандардын үнү бийик. Сталин да ошондой “прагматиктерден” болсо керек. Мүмкүн биздин айрым адабиятчылар сыяктуу “бийликке тоюп, байлыкка тунгандан кийин шашпай жазам” дегендир. Андан кийин жазган-жазбаганы азырынча белгисиз. Тек, 1949-жылы Л.Берия Борис Пастернак, Арсений Тарковский сыяктуу атыккан акындарды чогултуп, 70 жашына белек кылып Сталиндин ырлар жыйнагын чыгарабыз деп которто баштаган экен, анысы Сталинге билинип калып, Берияны колго чааптыр. Котормочуларга автору ким экенин айтпаса керек, кимдир бирөөсү сөзмө-сөз котормо менен таанышып чыгып “Ой, бул Сталиндик сыйлыктын даяр лауреаты тура” деген имиш. Ошентип Сталин “ырыскысын көтөрө албай” Сталиндик сыйлыктан куру калыптыр...



## *Табылды Мукановдун өлүмүнө эки ыр*

I

*Чачтарындай ал акын,*
*Тармал ырды жазчу эле.*
*Шылуундарга уйкашпай,*
*Калган ырды жазчу эле.*

*Ойку-кайкы сабындай*
*Оң түшпөдү жолу да.*
*Аз келгенсип аламан*
*Тепти футбол тобундай.*

*Калп каңырык түтөтүп,*
*Каражанды жебейли.*
*Өттү-кетти бир акын,*
*Өз бала эмес, өгөйдөй.*

*Жол бербедиң сен да ага,*
*Кол бербедим мен да ага.*
*Тааныгансып тентегин*
*Тартты өзүнө Жер гана...*

II

*Керексиз кейүү мында, аёо мында,*
*керексиз кермек көз жаш аягында.*
*Жетеси акын эле... Тагдыр аны*
*жетелеп кудум сокур таягындай*
*бастырды талаа-түздү, ойду-дөңдү,*
*Так ушул жерге келип болду деди.*
*Болдубу? Кайрылыш жок, айрылыш бар,*
*боздомуш болгон түрпү койгула эми!*

*Ал кетти аян күтүп жашылданып.*
*Ай тийген арабызга батырбадык.*
*Бир кезде жем жеш үчүн жерге түшкөн*
*Бийикте бийлик жетпес акын жаны:*
*далайга бузуп биздин уйкубузду,*
*далайга алаар биздин тынчыбызды.*

## *Салижан Жигитовдун ден соолугу үчүн*

*Бул турмушта күйгөн от аз, түтүн көп,*
*Бир булайбыз байгамбардын түшүндөй.*
*Жакшыны да, жаманды да жылыткан*
*Сиз да барсыз күйгөн оттун ичинде.*
*Байгамбардын көзжашынан жүз элүү,*
*Устат, сиздин соолук үчүн ичемин.*

*Көктү көрүп, акты айрып дебесек,*
*Көрдүйнөгө келгенибиз неге эсеп?*
*Акыйкатка айбат кылуу жагынан*
*Ажал гана балким сизге теңешет.*
*Уу чыланып өрттөнсө да ичеги*
*Устат, сиздин урмат үчүн ичемин!*

**Тайир АШИРБАЙ, Эл аралык "Адабий Азия" конкурсунун жеңүүчүсү, К. Сабыров атындагы адабий сыйлыктын лауреаты**

# Шыңгырай бер, "Коңгуроолуу саат!"



*"Коңгуроолуу саат" аттуу балдарга арналган бал тилдүү китептин жарык көргөнүнө эки жыл болду. А бирок, менин колума кечээ жакында тийди.*

Аталган китептин котормочусу Гулнора Холматова мен жашаган Ак-Суу айылына келгенде, мага өзүнүн китебин берип кеткен эле. Айтор, китепти бир дем менен окуп чыктым. Кудум көктөн издегеним жерден табылгандай болду. Жагымдуу таасир калтырды.Көрсө, Г.Холматова өзүнүн чыгармачылык бар дараметин, колунан келген кереметин дал ушул укмуш китепке жумшаптыр. Буга чейин топтогон такшалган тажрыйбасын кеңири пайдаланыптыр. Гулнора Холматова кыргыздын кызы болсо да, өз эне тилиндеги чыгармаларды өзбек тилине чоң чеберчилик менен которуп жүргөндүгүн жакшы билебиз. Ал кыргыз акындары Атакул Жакыпов менен Тургунбай Жумаевдин ыр жыйнактарын өзбек тилине абдан мыкты которгон.

Эми кайрадан "Коңгуроолуу саатка" кайрылабыз.Бул ажайып китепке дүйнө элдеринин таланттуу жазуучуларынын балдарга арналган аңгемелери топтолгон. Автор орус, тажик жана өзбек тилдеринен кыргыз тилине оодарган. Китепте отуз алты аңгеме бар. Мындайча айтканда, отуз алты гүлдөн өтө сонун гүлдесте куралган.

Анне-Катарине Вестли аттуу норвег элинин балдар жазуучусунун "Коңгуроолуу саат" аттуу аңгемеси китепке жомоктогудай ажайып аталышты тартуулап турат. Эмне деген сонун аталыш!

Молдован жазуучусу Емилиан Буковдун "Алма" аңгемесиндеги Петрике аттуу баланын чынчылдыгы, акылдуулугу, анан да үйүнө барып ыйлагандыгы көңүлүбүзгө көктөгү булутка жашынган күндүн ары нурдуу, ары жылуу илебин тартуулайт.

Молдовалык дагы бир көрүнүктүү жазуучу Григоре Виерунун "Шүүдүрүмдүү нан" деген аңгемеси жаш муундарды эмгекчилдикке тарбиялайт. Тарбиялык мааниси абдан терең чыгарма экен.

Өзбек жазуучусу Уткир Хашимовдун "Килем байпак" аңгемеси балдардын гана эмес, чоң кишилердин да энелерге болгон сый-урматын көркөм сөздүн касиеттүү күчү менен даңазалап тургансыйт.

Белорус жазуучусу Борис Саченконун "Нан" аттуу аңгемеси психологиялык драматизмге бай чыгарма катары татынакай таасир калтырат. Ушундай уюткулуу көркөм чыгарманы кайра-кайра окугандан тажабайбыз! Ооба, бири экинчисине таптакыр окшобогон, кайталангыс чакан прозанын чыйрак үлгүлөрүн топтоп, лирикалык бүтүндүккө айландырган Гулнора Холматовага жалпы окурмандардын атынан терең ыраазычылык ыроолойбуз. Ошондой эле, Венгер кара сөзчүсү Иштван Бедёнун "Атамдын портфели" деп аталган аңгемесинин тарбиялык мазмуну да, көтөргөн көркөм салмагы да өтө жогору.

Китептен Азиянын, Европанын, Африканын, Түндүк жана Түштүк Американын калемгерлеринин балдар үчүн, тагыраак айтсак, мектеп окуучулары үчүн жазылган көркөм чыгармалар орун алган. Айтор, бул китепти эгемендүүлүктүн отуз жылдык адабий, маданий тарыхындагы балдар үчүн жаралган эң мыкты руханий эмгектердин катарына ишенимдүү кошо алабыз жана орто мектептердин мугалимдери адабий-усулдук колдонмо иретинде класстан тышкаркы окууларда, тарбиялык сааттарда, адабият ийримдерде колдонууга сунуштайбыз.

Лейлек районундагы А.Навои атындагы орто мектебинин чыгармачыл мугалими, Кыргыз Республикасынын улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү Гулнора Холматованын адабий маңдай тер, тынымсыз изденүү, жатык тил менен которгон жаңы жыйнагы кыргыз котормо өнөрүнө жаңы ысымдын келгендигин ачык-айкын далилдейт.

Шыңгырай бер, "Коңгуроолуу саат!"

**Лейлек району**

№13 (287)

30
01
2023

kyrgyztili@mail.ru



Жолдош ТУРДУБАЕВ, адабиятчы, публицист:

# “Кыргыз адабияты, тили боюнча бир топ идеяларым бар”

***– Бир кезде залкар жазуучу Ч. Айтматовго россиялык бир адабиятчы асылганда, сиз ага татыктуу жооп кайтарган элеңиз. Ошол окуя тууралуу айтып бересизби?***

– 1995-жылы «Наш современник» журналына Владимир Бондаренко аттуу автордун шовинисттик маанайдагы макаласы чыккан. Кеп жазуучуну коргоодо эмес, ал буга муктаж деле болбогон. Чыңгыз Айтматовго кимдер гана сын такпады, азыр дагы канчасы жүрөт. Алардын көпчүлүгү көңүл бурганга арзыбайт. Гоголдун Собакевичиндей болгон кайдагы бир бузукунун куру кыйкырыгы дүйнөлүк жазуучунун беделине тырмактай да зыян келтире албайт. Кеп Айтматовго асылуу аркылуу орус эместерди кемсинтүүгө, улут аралык кастыкты күчөтүүгө жанталашкан шовинисттин чагымчылыгын ашкерелегенде. Ошол макаланы көрүп калган өзүбүздүн эле кыргыздар «Кыргыз маданияты» гезитине көчүрүп чыгарганы уят иш болгон.

Бондаренконун макаласын окуганда ушунчалык ачуулангандыктан, ага катыра жооп бериш керек деп чечтим. Жаза баштаган тезистеримди айтмакчы болуп илимий жетекчим раматылык Кеңешбек Асаналиевге барсам, ооз ачтырбай койду, мен да жазып жатам, бирибирибизге таасир этип койбош үчүн идеяларды ортого салбай коё туралы деп. «Кто он, ‘современник-родственник’?» деген аталыштагы макалам «Кутбилим» гезитине чыкты. Ошол арада «Манас» эпосунун миң жылдык маарекесине Чыңгыз Айтматов Бельгиядан учуп келип, бул гезитти окуп, абдан ыраазы болгон экен. Дагы бир жума өткөндө К.Асаналиевдин «Не Шекспир главное, а примечания к нему» деген көлөмдүү, мазмуну терең, ар бир сөзү бутага таамай тийген макаласы жарык көрдү. Ошондо мен жазуу стилимде кандай кемчиликтер бар экенин даана байкадым, залкар сынчынын талантына, илимий камылгасына тан бердим.

***– Сиз тээ алыскы Тажикстандын Жерге-Тал районунда туулуп өскөнсүз. Орус тилин кантип мыкты билип калдыңыз?***

– Дароо эле айтып коёюн: орус тилин менден да жакшы билген кыргыздар бар. Бирок эки тилде бирдей эркин жаза алгандар аз. Башында кыргыз тили жана адабияты факультетин тандаган элем. Тажикстандык кыргыздар үчүн Ош пединститутунун бул факультетинен үч орун ажыратылчу. Кирүү экзамендерин жергеталдык жана мургаптык мугалимдер Душанбеде алып, тандалган абитуриенттерди Кыргызстанга жиберип коюшчу. Бирок биздин агайлар менин бааларымды атайылап төмөндөтүп, район чоңдорунун жана байлардын балдарын өткөрүштү. Айтмакчы, ошолордун эч кимиси окуусун бүткөн жок.

Дагы эки жылдан кийин бир тор баштыкка китеп, дептерлеримди, экинчисине токоч ж.б. салып алып Фрунзеге келдим, университеттин филфагына тапшырдым. Айылдашыбыз, кудабыздын бир тууган карындашы, азыр филология илимдеринин кандидаты болгон Гүлбара Орозова эже профессор Киреше Иманалиевге ээрчитип барайын, атамдын атынан салам айтсаң эле окууга өтөсүң деди. Ал киши фольклордук экспедицияны жетектеп Жерге-Талга барганда, биздин чоң кудабыз Жалал Орозовдун сыйын көрүп, жайлоолорубузду да кыдырып, дос болуп калышкан экен. Мен үйдөн жөнөп чыкканда батасын алсам болмок экен, эми аксакал кишинин атын саткандай болуп калам деп көнбөй койдум. Гүлбара эже: «Атам укса менин атымдан досума салам айтып барыптыр деп тескерисинче сүйүнөт, бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарба», - деди. Бирок мен көшөрүп туруп алдым. «Анда өз убалың өзүңө, азыр баары эле тааныш менен өтүп жатпайбы, эми бекер убара болосуң», - деп жемеледи. Айткандай эле, дилбаяндан (сочинениеден) «2» алып, Тажикстанга кайтып кеттим. Бир-эки жума үйүндө алып жүрүп, кийин университеттин жатаканасынан орун алып беришкен Гүлбара эже менен анын жубайы Абдыганы Халиловдун жакшылыгын эч качан унутпайм. Бирок ошондо кыргыз филология факультетине өтпөй калганым жакшы эле болгон экен.

«Орто Азияда өз күчүң менен окууга өтүү мүмкүн эмес, орус тилинен даярданып, борбордук ЖОЖ аркылуу тапшырып көрчү», - деп жердешим, ошол кезде райондук гезитте иштеген журналист, жазуучу Мирзохалим Каримов кеңеш берди. Бизде орус тилинен мугалимдерибиз негизинен ыр жаттатуу менен эле чектелчү, кийин билсем, алар методикадан өтө начар болгон экен. 4-класстан баштап орус тили, адабиятына тиешелүү кыргыз жана тажик мектептери үчүн чыгарылган окуу китептердин баарын алып, кыш бою грамматиканы конспектиледим. Ар бир тема боюнча бир-экиден көнүгүү аткардым. Орус адабияты боюнча да бир калың дептерге конспект түзүп чыктым.

Тилди ыкчам үйрөнүү ыкмасын райондук гезиттен окуган элем, ошону колдондум. Бир тексттин эки тилдегисин салыштырганча окуса, ар бир сөздүн түркүн формаларын контекстке карай айырмалануучу маанилери менен өздөштүрүүгө абдан жакшы мүмкүнчүлүк түзүлөт экен. Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романын кыргызча бир күндө эле бүтүргөн болсом, Лениндин «Мамлекет жана революция» деген чакан эле китебин эки тилде бир жума бою окудум. Биринчи жолу кездешкенде айрым сөздөр бүдөмүк түшүнүлөт, бирок улам кийинкилеринде мааниси дааналана берет. Анан Пушкиндин прозасын, Нодар Думбадзенин повесть, романдарын орус тилинде эле окудум. 48 барактуу дептерди сөздүк кылып толтурдум. Түшүнбөгөн сөздөрүмдү тизмелеп, текстте бир нече ирет кездешкенде деле мааниси бүдөмүк бойдон кала бергендерин кошуна айылга каттап иштеген орус тилчи мугалим Шароф Тешебаевден сурачумун.

Ошентип, 1985-жылы Куйбышев (азыркы Самара) шаарындагы пединституттун орус тили жана адабияты факультетине борбордук ЖОЖ (центральные ВУЗы) тутуму аркылуу тапшырдым. Өмүрүмдө орусча сүйлөп көрбөгөндүктөн, басымды (ударение) ж.б. орфоэпиялык эрежелерди сактачу эмесмин. Мисалы, «кОтОрый», «пОтОму Что» деп чулдурагенымды Душанбе, Ленинабад ж.б. шаарларынан барган өзбек балдар туурап күлүп жүрүштү. Кышкы сессияда окутуучулар мага сынактардын баарынан автомат түрүндө «5» коюп беришти. 2-курстан баштап А.Н.Гвоздев атындагы стипендия алдым. Жалаң «бешке» окугандар 83, мен 85 сом алчумун. Ошондуктан 3-курста деканатка кирип, бул стипендияны биринчи курстагыларга эле ыйгарсынгыла, аларга түрткү болот, мен 83 сом алсам деле баары бир жакшы окуй берем дедим. Ошол айдан тартып мага Лев Толстой атындагы 110 сомдук стипендия берип калышты. Студенттик жылдарымдагы эң уруунтуу, жаштарга сабак болгудай окуяларды баяндасам өзүнчө эле китеп жазылат го. Азырынча окуумду кызыл диплом менен аяктаганымды, бизге эмес, орус бөлүмүндө сабак берген профессор Н.И.Бодрова өз колу менен аспирантурага жолдомо жазып бергенин, сөзсүз түрдө илимге бар деп үгүттөгөнүн эле айтсам жетиштүү.

***– Жогорку окуу жайды аяктагандан кийинки жылдарыңыз жөнүндө да айтып бериңизчи?***

–Жерге-Талда эки жыл мектепте иштедим да, 1992-жылы Бишкекке келип, Улуттук илимдер академиясынын Адабият жана искусство институтуна келдим. Инфляция катуу жүргөн ошол кезде аспиранттын стипендиясы бир жумалык нанга араң жетчү. Ошондуктан мектепте орус класстарга кыргыз тилинен сабак берип жүрүп, окуу китеп жаздым. Кийин гезиттерге көбүрөөк жазып, анчамынча таанылган соң, «Кутбилим» гезитине Кубат Чекировдун чакыруусу менен келип, ошондон бери бул жерде иштеп калдым.

Котормочулук менен да алектенип жүрүп, 2003-жылдан бери бул кесипке убактымдын көбүн жумшап жатам. Акыркы жылдары «Азаттык» радиосунун сайтына да макалаларым жарыяланып келет. Бул жылдар аралыгында баштан өткөргөн окуяларды убагы келгенде эскерүү китеп кылып жазам го. Кыргыз адабияты, тили боюнча бир топ идеяларым бар, ишке ашыра алсам, арманым калбас эле.

**Маектешкен**
**Эмилбек МОМУНОВ**



№13 (287)
30 01 2023
kyrgyztili@mail.ru

# *Динара БЕЙШЕНАЛИЕВА*




## *Амансыңбы?*

*Кадамдарым туура эле кадамсыңбы?*
*Калк дебеген калам да каламсыңбы?*
*Калкылдаган калың журт, сен деп келдим,*
*Карааныңан кагылам, амансыңбы?*

*Медери жок заман замансыңбы?*
*Мекени жок адам да адамсыңбы?*
*Мелмилдеген кыргызым, мелт-калт эткен,*
*Мээнетиңди алайын, амансыңбы?*

## *Улуу көч улансын*

*Калкылдаган кылымдар,*
*Кырлар ашкан көчүңдүр.*
*Кыйындыкты, кыргыз сен,*
*Кыйып түшкөн өзүңдүр.*

*Топон-сууну тозоңдой,*
*Токтото алган көчүңдүр...*
*Добулбастуу доорлордон,*
*Доорон сүргөн өзүңдүр...*

*Кеберсийт го ээриниң,*
*Кебелбеген кезиң бу...*
*Кел-келдерде кетмек бар,*
*Кейитпегин сезимди...*

***

*Эзелтеден нарк болгон,*
*Элди ойломок парз болгон.*
*Эл уулдары, бүгүнкү,*
*Эсеп жеткис карызды ойлон.*

*Заманыңда барк болбос,*
*Закымдарга карк болбо.*
*Залым болбо, эй, уулдар,*
*Залал болгон кыргызды ойло.*

*Калыс турган бак татаар,*
*Кан, бек жолу ак, татаал.*
*Каргыш алган кан кусат,*
*Кагылайын, ак бата ал!...*

***

*Акылманым, асылым, айланайын,*
*Адамым эй, ойнобо өмүр менен.*
*Азгырыкка кабырдын кабарын айт,*
*Арааныңды кишенде өлүм менен.*

*Жылтыраксыз, жыланач келген пендем,*
*Кеткениңде келгендей кетээриң бар.*
*Жакшы иштериң жаныңда чырак болсо,*
*Күнөөлөрүң кылычка жетээри бар...*

*Көргөн көздөр кемтигин ким бирөөнүн,*
*Көрбөйт экен өзүнүн үлбүрөгүн.*
*Өз өлүмүн кулактар укпайт тура,*
*Уккан менен дүйнөнүн дүңгүрөгүн...*

*Акылманым, асылым, айланайын,*
*Адамым эй, ойнобо өмүр менен!*
*Азгырыкка кабырдын кабарын айт,*
*Арааныңды кишенде өлүм менен...*

***

*Энесин ойлобос жан кайда,*
*Элеси, оорусам маңдайда.*
*Эңшерип кетет кең дүйнөң,*
*Эмизген сүт даамы таңдайда...*

*Жүрөгү балам деп ээзилди.*
*Көздөрү балам деп жешилди.*
*Сөөктөрү кырк бошоп, кырк бекип,*
*Күрүч тиш балам деп кетилди.*

*Тапканы, ак сүйү жансыңбы?*
*Балдардын алдында алсыңбы?*
*Небере чурулдап, чуркурап,*
*Боз топо топурап салсыңбы?...*

*Каркыра тизилип, катарың,*
*Кай тарап сен алган сапарың,*
*Өкчөлүп, өрттүндүн өмүрдө,*
*Өлүмдүн даамыбы татаарың?...*

*Тосчу элең Улуу Күн таң атпай.*
*Тонолдуң мезгилге даректай.*
*Жараткан Калыс да, бейишке,*
*Апалар барат дейт адашпай...*

*Апалар барат дейт адашпай...*
*Жылытып жүрөгүмө катуу үчүн.*

***

*Январдын кыйкырган суугун сүйдүм,*
*Эң бир жумшак жаз айын даярдаган.*
*Июль айдын аптабы бар болсун эй,*
*Күркүрөгөн күз айын аярлаган.*

*Тагдыр шондой, жазмыштын жаманы жок.*
*Жарыктары караны көмүп чыгат.*
*Жазда жайнап чыккандай гүлдүн баары,*
*Жакшылыктар сүйүүдөн өнүп чыгат...*

***

*Мен сенден кыпын нерсе күтпөй туруп,*
*Мен сага кучак толо гүл беремин.*
*Эх, жашоо, маңдайымда кылтылдаган.*
*Күзгүсүң-күмүш түстүү жылтылдаган...*

*Өлүмгө кайгылардан чындык орой,*
*Өмүргө калп кийгизип, сыйлайсың да.*
*Күлгөндө кошо күлүп мени менен,*
*Ыйласам бирге отуруп, ыйлайсың да...*

*Таш күзгүм ай, үн чыгат кыйкыргандай,*
*Чагылдырдың сүрөттө – сыйкыр бардай.*
*Кыл калемди кошоктоп, жөн калемдер,*
*Поэзия жылтылдайт, сыйкырлардай...*

*Муза келет саптарга көйнөк кийген,*
*Муң-зар обон оодарат бүтүн дүйнө.*
*Периштелер, оо кандай, аппак алар,*
*Периштелер айланат күкүк дүйнөм...*

*Периштелер айланат күкүк дүйнөм...*

# *Китептер дүйнөсүн жетектеп*



Бакирова Гүлсара эжейибиз Ноокат районундагы Камбаралы Бобулов атындагы орто мектепте 1994-жылдан бери тарых сабагы мугалими менен катар китепканачы милдетин да аркалап келет. Эжейибиз 1993-жылы Токмоктогу Маданият окуу жайынан китепкана бөлүмү боюнча билим алган. Андан кийин 1998-жылы ОШМУнун тарых факультетин аяктаган. Эжебиздин кесиптик өмүр жолу негизинен китеп дүйнөсүнө, ал аркылуу эне тилибизге эриш-аркак болгондуктан биздей окурмандарга жакын. Кыргыз тилине өтөгөн ишмердиги да бааланып, “Эне тил сыймыгы” наамына татыганы да биз үчүн кубанычтуу. Эң башкысы ар жылы белгиленип келген китеп майрамы күнүн утурлап, тагыраагы 14-февралда аталган мектепте “Мен жана китеп” аттуу иш-чара өткөргөнү турабыз. Бул иш-чаранын маанилүүлүгү Бишкектен тартып, Ош шаары жана рай.борбордон Эл депутаттары, акын-жазуучулар чакырылган. Булардын бардыгы албетте, Гүсара эжебиздин демилгеси жана баарыбыздын китепке болгон ынтызарлык иш-аракетибиздин башат жыйынтыгы деп ойлойбуз.

**Бектурсун КАРАБАЕВ, Ноокат району**

№13
(287)
30
01
2023
kyrgyztili@mail.ru

Эсенбай НУРУШЕВ

# Туюк сүйүү



## (Эссе)

**Салижан Жигитовго арналат**

***(Уландысы. Башталышы өткөн санда)***

***

Октябрдын башында студенттер курулуш отряддарынан, айыл чарба жумуштарынан, эч кайда барбагандар үйлөрүнөн кайтып келе баштashты. Жатакана куштардын уясындай кайрадан чуру-чуу түшүп, аудиторияларда сабактар жанданып, көп өтпөй окуу иши кадимкидей нугуна кирди, студенттер турмушу кыйгас жүрүп калды.

Быйыл жатаканага муктаж болгондор көп окшойт, ар бир бөлмөгө бештен керебет коюлду. Биздин жигит жашаган бөлмөгө да жаңы эки тууган келип кошулду. Экөө тең бир курс жогору окугандар.

Бир күнү Алтыбай айтып калды:

– Битике, билесиңби, бу экөө, - ал бөлмөнүн сол ыптасындагы катарлаш эки керебетке ээк кагып койду, - Даткайымды бөлүшө албай жүрүшөт. Үчөө тең бир отрядда иштептир, кыз буларга ашпозчу болгон экен. Иши кылып, бу эки эрен ошо жактан ооруп келди. Ошондон бери жомоктору бүтө элек. Бир күнү жакалаша кетпесе көргө...

– Өздөрү билсин,-деп койду биздин жигит көңүл кош.

Арадан көп күн өтпөй биздин жигит сыртка шашып чыгып баратып, биринчи кабаттагы кууш эшиктен Руссону окуган кыз менен карп-курп сүзүшө кала жаздады. Кыз ого бетер чырайына чыгып, бир татына болуп кетиптир. Жигит оозунан келмесин алдыргандай эмнегедир саламдашканга да үлгүрбөй калды. Тек гана кетенчиктеп, тигиге жол бошото берди. Кыз да кирпигин өйдө көтөрүп, алдында турган немени бир карап алып, бети биртке албыра түшкөндөй болуп унчукпастан жер караган бойдон тыпылдап жогору чыгып кетти.

“Таза таарынган экен, бечара кыз,”- деди жигит ичинен жай башындагы баягы чекилик кылганын капыстан эстей калып. Барып кечирим сурап койсомбу деп да ойлоп кетти. Алты айдан кийин акылына келген экен дейт ко анда. Мейли эми, болору болду.

“Баш ийкеп койгонго да жарабады”, -деп ойлоду кыз өйдө көтөрүлүп баратып. Эмнегедир ичи ачышып, ызалана түшкөндөй болду. Анан өзүн жоошутмакка: “Саламдашпаса саткай сарым, ким эле ал мага, ушуга да баш оорутуп жүрөмбү”,-деп койду.

***

Март этектеп калса да күн табына келе албай, жаз кечеңдеп жатты. Биздин жигит эмнегедир эле жүрөгү түпөйүл тартып, ичинде бир туюк сезим тышка чыга албай тумчугуп, туйлап жаткансып, бук боло берди. Көңүлү кандайдыр бирдеме күсөп, ал эмне экенин өзү да түшүнө албай жүрдү.

Кайсы бир күнү терезенин түбүндөгү керебетине жатып алып, көптөн бери кармабай калган Салижан акындын китебин барактай баштады. Ырларын бүтүп, акырында “Муңдуу баянга” жетти. Аны сыдыра окуп баратып, капилеттен эле өзүнүн азыркы абалын түшүнгөндөй болуп кетти. Кайталап дагы окуду эле, лупа менен карагандай мурдагыдан да айкыныраак боло түшкөнсүдү көңүлүндө дүпүйгөн кусалыгы. “Капырай де, тим эле ичиме кирип чыккандай айтып жатканын көр акындын!”- Таң кала, тамшанып алды жигит.

*“Кылаң эткен кайгы жок ой-эсинде,*  
*келечекке жадырап күлүмсүрөп,*  
*жашоо күчү чатырап денесинде,*  
*туюк черге думукчу сүйүү тилеп.*

*Сүйүү тилеп, балам, ай, не кыласың,*  
*кереги эмне жөтөлдүн көк жетимге?*  
*Айла барбы, сүйүүгө кабыласың,*  
*адам болуп жүргөн соң жер бетинде ”.*

*– Эмне эле мынча ичим бышат, буулугам десе, көрсө, сүйүү күсөп калган окшобойбузбу сен экөөбүз, байкуш жүрөк! – Жигит акыбалын түшүнгөндөй жеңил улутунуп алды.*

*“Турмуш менен кыялда баккан ойлор*  
*дал келсечи дайыма, атаганат!*  
*Жакшы көргөн кыздарын жаш бозойлор*  
*кыялынан жакшыртып жасап алат.*

*Азгырылып ышкыга улам-улам,*  
*ашык жигит жалындап күйө берет,*  
*реалдуу кызды эмес, кыялынан*  
*жаратканын жалбарып сүйө берет”.*

*Акындын бу сөзү да чын эле. Биздин жигит кыялында кынтыксыз кылып жасап алган ошондой бир кыялый гөзөл бар болчу. Бирок ал таасын сүрөткө айлана албай, такай бүлбүл тартып турар эле.*

*“Балким, биздин бозой да ашыглыктан*  
*башы айланып, карайлап калган чыгар,*  
*тейтейген бир чырайсыз бакыр кыздан*  
*айдай пери жаратып алган чыгар?”*

– Сүйүүнүн көзү сокур деген ушу да, -деп койду жигит ичинен. –Кудай ылайым ушундай ыкыбалдан сактасын.

Бу жагына калганда биздин жигиттин табити, дем-дымагы ырастан эле башкача болчу. Кыялында үрүл-бүрүл элестеп жүргөн жаңкы кыялый кызы анык периште экенине, ал бир күнү сөзсүз жолугарына, аны көрөр замат айныбай тааный турганына бөркүндөй ишенет эле.

*“Кыял менен күн көрүп жүрөр эле,*  
*китептерден иликтеп эңсегенин.*  
*Бою жапыс болсо да сүйөр эле*  
*бу дүйнөнүн эң бийик нерселерин.*

*Ары жок бир шайтан го чиркин үмүт,*  
*адам билбейт өлгөнчө осол жерин:*  
*өзү жаман болсо да жаңкы жигит*  
*жакшы көрчү кыздардын көзөлдөрүн”.*

*– Ту-уй, ата, так эле мени айтып салган го! – Жигит кадимкидей куңдап кетти. – Жаман арыма карабай мен да ушундай эмесминби!*

*“Тамашасын тагдырдын карагыла:*  
*бир селкинин апачык асман сындуу*  
*айдың тунук кашкайган жамалына*  
*ашык болуп алганын айтпайсыңбы!*

*Жүзүндөгү албырган кызылынан*  
*нур таралып жарык күн шооласындай,*  
*кийип чыкса көйнөгүн кызыл ыраң,*  
*кылактаган кырдагы жоогазындай,*

*көздөрү бар күнөөсүз бакыракай,*  
*кылыгы жок кыздардай миң амалдуу,*  
*болсо дагы бойтойгон татынакай,*  
*бир кыз эле жөнөкөй реалдуу”.*

Ушу жерге келгенде жигит тык toктой калды. Акындын кызын ал өзү көрүп, билип жүргөн кыздарга салыштырып, ошолордун арасынан издеп көргөнү кыялдана кетти. “Ушуга окшош бирөө-жарым ким бар?” Шак эле Руссону окуган кыз эсине келди эмнегедир. Анан барып кыялында бүдөмүктөнүп жүргөн баягы сүрөт Руссону окуган реалдуу кызга айланып чыга келди!

Жаткан жеринен шарт ыргып турду жигит. Эки колун артына алып, жинди болгон немедей ээн бөлмөдө ары-бери баса баштады.

***

Сабактан келген соң беш кыз бөлмөдө чөжөлөрдөй чөбүрөшүп чай ичип отурушту. Аңгыча сары чийкил кыз:

– Ай-ий, билесиңерби, -деп калды кызык бир жаңылык айтчудай болуп. Баары анын оозун тиктеп калышты.

– Кечээ чай кайнасын деп күтүп, күхненин эшигинде турат элем. Бир маалда төмөндөн Чилистен чыга келди. Аны көрө сала каридордун тиги башында кожурашып турган үч-төрт кыздын бири: “Чилис-те-ен, мени сени сүйө-өм!”-деп кыйкырып калса болобу.

– А тигичи,- деп сурап жиберди кыздардын бири чыдамы жетпей баратканcып.

– Тиги байкең кылчайып да койгон жок, сүмбөдөй түптүз басып барып, бөлмөсүнө кирип кетти.

“Көйнөк жууганга” шылтоо табылганына шыңкылдашып, кыздар муну бир топко сөз кылып, эрмектешти. Биздин кыз болсо буга анын таптакыр кызыгы жоктой тымпыйып отурду.

Ошо күнү Чилистен кыздын түшүнө кирди.

... Ал тээ алыста баратат, кыз артынан кыйкырат: “Мен сени сүйө-өм, Чилисте-ен!” Жигит кайрылып карайт да, кызга жакындап басып келет. Так маңдайына келип, бир топко тигилип тиктеп турат. Бир кезде калтыраган колдору менен кыздын саамайын акырын сылайт, анан мойнунан жумшак кучактап: “Мага Даткайым болчу, сени сагындым!”-деп кулагына назик шыбырайт. Кыздын денеси көлкүлдөп ээрип, көзү сүзүлүп, магдырап баратат. Аңгыча ар жактан жер жарылгандай бирдеме тарс дей түшөт...

Кыз чочуп ойгонуп кетти. Сырт алай-дүлөй түшүп, жамгыр терезенин айнегин талкалап салчудай тарсылдап чаба жаап, күн күркүрөп, чагылган чартылдап жаткан экен. Бу быйылкы жаздын биринчи нөшөрү эле.

Кыздын жүрөгү дикилдеп согуп, өпкөсү капкасына батпай көөп, денеси көл-шал тердеп, ич көйнөгү сыгып алма суу болуп кетиптир. Ошо калыбында былк этпей жата берди биздин кыз. Түк көзү илинбей койду. “Эстебейм дебедим беле, эмнеге түшүмө кирет? Кудайым, а-ай, жакшы көрүп калбасам экен. Анда эле шорум катат. Ылайым ушу түш түлкүнүн богу болсо экен...”

***

Биздин жигит филфактын төртүнчү кабатындагы дарсканада терезе тушта, профессордун сөзүнө анда-санда кулак учун агыта коюп, алда бирдемелерди ойлонуп отурган. Терезеден ар жакта жаз жадырап, май толукшуп турган эле.

Тээ жатаканадан убап-чубап, окуу корпусун көздөй агылып студенттер келатышты. Бир аздан соң түштөн кийинки сабактар башталмак. Бир оокумда биздин жигит кызгалдактай кылакташкан топ кыздын ичинен Руссону окуган кызды даана тааныды. Үр кызындай болуп бир укмуш көрүндү. Көңүлдөрү шай окшойт, шатыра-шатман түшүп, баары шайдоот, каткырып күлгөндөй да болушту. Кыздын үнү угулар бекен деп, кулагын төшөп, тыңшай калды. Чоң жолдо аркы-терки куюндап каттап жаткан машинелердин, троллейбустун дуулдагы эчтеме угузгудай эмес.

Руссону окуган кыз курбулары менен машине жолдон өтүп, корпустун чатырына кирип, карааны көрүнбөй калгыча көз албай карап турду биздин жигит. Эмнегедир ыр жазгысы келип кетти. Ушуну эле күтүп даппдаяр тургансып, кайдан-жайдан келгени белгисиз, төрт сап куюла түштү көңүлдөн.

*Бук болом. Күндөр такыр өтпөс болду.*

*Турналар кечигишти жол тосturуп.*

*Жүрөгүм башкаларга жанбай койду,*

*Кыргызда сенден башка кыз жоксунуп.*

Бу саптар жигиттин өзүнө жаккандай болду.” Ушуну сен жаздырдың, Руссону окуган кыз”,-деп койду жигит, анан ичи жылып, өзүнчө эле жыргап кетти.

Аңгыча жанаша отурган ыстарыста Макен аны чыканагы менен түртүп калды. Жалт караса, кафедрада лекция окуп жаткан профессор көз айнегин мурдунун учуна түшүрүп, биздин жигитти көзүнүн төбөсү менен тиктеп турган экен.

– Кээ бир жолдоштор бу жерге лек-

№13 (287)
30 01 2023
kyrgyztili@mail.ru

ция уккандын ордуна терезени карап кыялданганы келет окшойт, - деп күбүрөнүп алды да, профессор сөзүн андан ары улап кетти.

***

Биздин кыз китепканадан кеч кайтты. Ишемби күн эле, кыздар кинолоп же театрлап кеткенби, бөлмөдө эч ким жок экен. Чечинип, жайланып, анан чай койгону чайнегин алып, каридорго чыкты эле, беш-алты кадам ар жакта китеп-дептерин колтуктап Чилистен келатыптыр. Эмне болду, билбейт, биздин кыз алдастай түшүп, шарт бурулуп, бөлмөсүнө кире качты.Тиги артынан келип кармап калчудан бетер эшиктин илмегин иле салып, каалгага жөлөнүп туруп калды. Жүрөгү дүкүлдөп, муундары титиреп, деми кыстыгып, энтигип кетти. Аптыкканы басылбай, бир топко өзүнө келалбай койду.

Мындайды өмүрүндө башынан өткөрө элек кыз дендароо болуп, керебетинин четине көпкө отурду. Кудай жалгап, бөлмөдө жалгыз болуп калганын карачы. Кыздардан бирөө-жарым көрсө эмне болот эле?

"Бирөөнү чындап жакшы көрүп калат деген ушул болот окшойт, - деп ойлоду кыз ичинен. - Эми анык өлгөн экем. Өткөнкү түш соо түш эмес экен да".

Бирок жакшы көрсө эмне мынча сүрдүгөт? Же көрбөй жүрдү беле аны? Болгону эки ирет сүйлөшө койом деп шаабайы суул, шагы сынды го. Адамды көзүнө илбеген керсеймелиги да бар көрүнөт. Чилистен деп эле оозунан түшүрбөй суусап жүргөн жанагы кыздар анын мындайын кайдан билсин. Же биздин кыз ошолордон кызганып жатабы аны? Сүйсө ошолор сүйө бербейби да, артынан сүйрөлсө ошолор сүйрөлө бербейби. Биздин кызга эмне жок...

Жо-жоок, бу чыныгы сезим эмес, башка болуу керек. Бир болсо бу сезелек сезим, эселек сезим. Ал өткүндөй бат өтөт, дүйнөнү астын-үстүн кылып аңтарып таштачудай болуп капсаланып катуу каптап келет да, анан тез эле басылып, соолугуп калат. Көбү ушундан жаңылат.

Мындай сезимдин бир гана дабаасы бар: аны эстебеш керек, көрбөш керек, көзүнө чалдыкпай, оолак жүрүш керек. Ошондо ал өзүнөн өзү жоголот.

Биздин кыз да ушундай кылмак болду. Алдыда үч айлык жайкы каникул турат. Буйруса, күздө биздин кыз Чилистенди таптакыр унутуп келет.

***

Быйылкы жай биздин жигитке бүтпөчүдөй болуп өтө узарып кетти. Кой-Ташка келишкенден бери бир айдай болуп баратат, бирок күн өтпөгөндөй болуп туруп алды. Бу жерде аскер бөлүгү бар, шаардагы бардык жогорку окуу жайлардан төртүнчү курска өткөн балдарды жыл сайын бир жарым ай ушу жерге жыйнап, аскерий даярдыктан өткөрүшөт. Биздин жигитке жоокерчилик турмуш жаңылык эмес, армияда болуп, баарын көргөн кезинде.

Бир күнү айылда бирге өскөн классташ курбусуна жолугуп калды. Анысы айыл чарба институтунда окуйт, зоотехник болом деп жүргөн неме. Көптөн бери көрүшпөй калгандан болсо керек, сөгөт талдын ала көлөкөсүндө экөө эзилишип бир далай сүйлөштү. Жакында эле үйлөнгөн экен, ошону айтып тиги сөзүн түгөтө албай жатты.

– Майдын башында келинчегимди алып, айылга бардым,-деди ал.-Билесиң да, бу маалда биздин айыл бир керемет болуп калат эмеспи. Кош-Талды да көрсөттүм, келинчегиме абдан жакты.

Бала кезде өскөн жерлери көзүнө элестеп, биздин жигит кусалана түштү.

– Эми сен качан келиндүү кыласың биздин айылды?

– Окууну бүтөлүчү, анан көрө жатармын, -деди биздин жигит шалкы бош.

– Ага чейин карып кетесиң, дундугум, -деди тиги тажрыйбасы ашып, акылы толо түшкөн немеден бетер. – Жаш кыздар карабай калат, кара далыларга күнүң түшүп калбасын. Эртерээк кыймылда. Эмдиги жылы сен алып бар бир келинди айылга.

... Студенттердин аскер лагери жайгашкан коктунун ичи казандай какшып чыкты. Түш оогондо чатырдын төрт жагын көтөрүп ачып таштап, он чакты бала ахалап, охолоп соолуп жатышты. Биздин жигит ар кайсы жактан каалгып жылып келип, тоонун бийик чокусуна топтолуп жаткан булуттарды карап отуруп, таттуу кыялга батып кетти...

Руссону окуган кызды ал айылына алпарат. Адатынча эле алыстан көрүп, кагылып-согулуп апасы чуркап чыгат. Уулун кучактап, өөп-жыттап алат да, анан жанында турган бейтааныш кызды бу ким эле дегенчелик кылып таңыркап карап калат. Ийменип турган кыз ийиле калып, жүгүнүп жиберет. "Кагылай-ын, кагылай-ын, ушу мени кудай алсачы. Колума периштем конгон турбайбы!" Апасы кызды эки бетинен өөп, анан калдаңдап кайра артын көздөй шашып жөнөйт. Ар жактан уулун көрүп барбайып, утурлап басып келаткан атасына кол шилтеп апасы: "Абышка, сен койо тур, кокуй, уулуң менен анан учурашасың, күтүп жүргөн периштебиз келген турбайбы бүгүн!"-деп үйгө кирип кетет. Бокчосун жая салып, камдап жүргөн ак шайы жоолугун алып, кайра чыгат да, өпкө-жүрөгүн чаап, кыздын башына салат. Бетинен кайра айлантып өп: "Кудай этегинден жалгасын, периштем! Көшөгөң көгөрсүн!"-деп бата кылып, кубангандан эмне кыларын билбей, карбаластай берет. Жанатан бери оозун ачып аңырайып турган чыт курсактар аңгыча: "Сүйүнчү! Сүйүнчү! Келин келди! Байкем бизге жеңе апкелди!"-деп айылды аралап, тыз коюп жөнөшөт. Алеки саатта урук-тууган, коңшу-колоң чогулуп, топурап калышат.

Эки-үч күндөн кийин жигит кызды Кош-Талга алып барат. Апай бетте алма, алча дебей, долоно, чычырканак калбай, баары текши чечек атып, апаппак, мала, кызыл түскө бөлөнүп, көк жайыкта болсо илгери бала кезде көлөкөсүнө келип ойногон жалгыз түп чоң жаңгакта сүтак сайрап, теребел бир ажайып болуп турат. "Бейиштей сонун жер турбайбы!"-дейт кыз сүктана. "Эми бу жер сенин да жериң!" -дейт жигит. Кыз эркелеп жигиттин кучагына жыгылат...

– Рота! Подьём! – Чатырга жакын жерден майордун үнү заңк эте түштү.- Через пять минут построение!

Ай ушунуку өттү деп биздин жигит тилденип алды да, өтүгүн, чулгоосун издеп, ыкшоо кийине баштады.

***

Руссону окуган кыз бу кезде алыскы Токтогулда Караган-Жайык жайлоосунда студенттер менен чогу чабыкта жүрдү. Ал быйыл да балдарга ашпозчу болду.

Көп өтпөй жогорку курста окуган бир бала эмнегедир эле ашкана тарапты айланчыктап, тоорулуп жүрдү. Кээде отун жага койот, кээде төмөндө сайдагы булактан суу ташыша калат. Анан калса өтө эле сылык, жеткен сыпаа неме экен. Сүйлөгөнү да орундуу. Бейчеки жагы жоктой. Иши кылып, бу жигиттин ашканада иштеген кыздардын бирине ыкыласы түшүп, ышкысы жанып калганы анык эле. Бирок бара-бара биздин кызга көп имерчиктей баштады. Анан бир күнү булакка суу алышканы түшүп, жарылып сырын айтты.

– Мен сизди бир көргөндө эле жактырып калдым, чоң кыз, -деди радиодон жаңылык айтып жаткансып. Биздин кыз эки жылдан бери мындай сөздөрдү көбүнөн уга берип, бышы кулак болуп бүткөн эле.

– Жактырып калганыңыз жакшы экен, бирок менин жигитим бар да, - деди кашкайып. Тигинин оозунан сөзү түшүп, абдаарып калды. Анан бир топто барып:

– Ал ким экенин билсек болобу? – деди дале сыпайылыгынан жазбай.

– Анын сизге кандай кажети бар?

Кыз чакадагы сууну алып, төштүн боорунда жыландай ийри-буйру болуп жаткан сокмо жол менен өйдөлөп чыгып кетти.

"Ушу эркектер кызык эле эл болот, -деп ойлоду кыз түндө чатырда оонalaктап уктай албай жатып. – Баарын эле бир көргөндө жактырып, сүйүп кала беришет. Романдарда жолуккан ушундай нерселерге бөркүндөй ишенип алышат окшойт. Турмушта мындай болору күмөн да".

Эмнегедир баягы адабий талкуу эсине түштү. Чилистенди ошондо биринчи көрүшү. Доклады, сүйлөгөнү, тамашасы кыздын жүрөгүн жылытып койгон эле. Ошондон болдубу, өзү да шүк отура бербей, бирдеме сурасам болобу деп калбадыбы. Жообу да көңүлүнө ынай түшкөн. Туюк сүйүү жаман болот, жоолук булгап ат чаппайт, мээде жүрүп, мээде чирип өлөт дебеди беле.

Аты-жөнүн да жөндөп билип алbaптыр ошондо. Кыздар Чилистен десе эле, аты Чилистен экен деп жүрбөйбү. Муну укканда, байкуш, какап кете жаздады го. – Кыз ичинен жымыйып алды. – Сизди тааныйм деп айттырган да, таарынган жоксузбу деп сураткан да ошол сезим болду да.

Кийин деле жигит кыздын кыялынан кетпей жүрдү. Анан калса өчөшкөнсүп кайда барса эле анын атын уга берди. Кыздар бир жактан, профессорлор андан. "У него трезвый ум, сильное аналитическое мышление", -деп мактабадыбы орус адабиятынан окуткан профессор эжей өзүнүн мыктысы студенттерин биринчи курстагыларга ташбыйкат кылып.

Ушундай күбүр-күдүң сөздөрдүн баары кыздын жүрөгүндө жүргөн баягы жылуу сезимди күчөтүп, бышып турган немени үйлөп, отко айлантып салган эле.

"Биз деле кызык эл болобуз, - деп ойлоду кыз. – Бирөөнү жакшы көрүп, жарылып кетчүдөй болуп турсак да тымпыйып баарын ичке ката беребиз. Өзү сезсин, өзү байкасын деп кыйтыйып жүрө беребиз. Далыбызга карап, ичибиздегин билип алгыдай алар жорунчу, же батыны ачык олуя эмес да. Анан өктөөбүздү ошолорго коюп, өпкөлөйбүз".

Өз сезимин ачык айткандан тартынбаган кыздар деле бар, бирок көпчүлүгү мындайды кылмыштай көрөт. Кудай биздин эркектер тандап алсын деп жараткан, кимди алат, кимди койот, ошолордун эрки, бизге андай укук берилген эмес деп ойлошот. "Чын эле, тагдырдын базарына коюлган товар окшойбуз, кардарлар – жигиттер тура",- кыз да ушу ойго муюгандай болду.

Балдарга эмне, аларманга окшоп келип карап көрөт, өз баасын айтат, жок десе басып кетет. Жанагы жигит деле ошентпедиби. Тим калбай, анан жигитиңди билсем болобу деп сурап атканын карабайсыңбы. "Көк мээ",-кыздын кыжыры келе түштү.

Ары оонап, бери оонап чабалактап, көпкө чейин көзү илинбей койду. "Кудайым, а-ай, кыз болуп жаралбай калсам эмне?!"- Жеңил улутунуп, күрсүнүп да алды.

Түйшөлүп жатып уктап кетти эле, түшүнө кайра Чилистен кирди.

***

Ошо жылдын кеч күз эле. Кышкы кыска каникулга бир айдан ашык убакыт калган. Адатынча Алтыбай кечинде дагы бир суук кабар айтып келди.

– Уктуңарбы, Даткайымды ала качып кетишиптир...

Керебетте китеп окуп жаткан жеринен биздин жигит ок жыландай атылып кетти.

– Койсоңчу?!

– Койбой –этпей эле, баатыр. Ала качып кетишиптир. Политехтен окуган бала экен, кийинки күндөрү ат тезегин кургатпай каттап калган деле дешет.

– Кездүү мончок жерде калба-айт, балдар, - китебин бетине кармап, үргүлөп бараткан Абдылда аксакал ада-

тынча философтонуп койду керебетинде ары оодарыла берип. - Озунган ушинтип шарт илип кетет.

Биздин жигитке жер айлангөчөк атып кеткендей болду. Керебеттин четинде шалдайып отуруп калды.

– Менин да ичим ачышып калды, -деди Алтыбай. – Жакшы кыз эле, бечара, мына эми, жат бирөөгө бүлө болуп кетти.

Биздин жигит кайсалап эмне кыларын билбей жатты. Ичи туз куйгандай ачышып, өзөгү өрттөнүп баратты. Алаксыйын деп жатакананын узун каридоруна чыкты. Кыздын бөлмөсү тарапты кайра кайра карай берди. Чайнегин алып чыга калса экен, мени көрүп баягыдай кайра кире качса экен деп тиледи. Демейде тапырап жатчу каридор бозоргон талаадай бопбош болуп, кунарсыз тунжурап турду. Жылан сыйпап кеткенсип жан адам жок. Жигиттин ичи сызылып, жүрөгү сыздап чыкты.

Бөлмөгө кирип, керебетине үстөмөнүнөн түшүп жата кетти. "Муңдуу тарых" оюна келди. Анда да ушинтип кызды капыстан бирөө ала качып кетет эмеспи.

*"Кур үмүткө алданып улам-улам,*
*бакыт жолун басканбы кыйшыгыраак,*
*биздин жигит сүйүүнүн мунарынан,*
*кара жерге күп этип түштү кулап".*

Биздин жигит да тээ бала кезде айылда бир бассаң борп этип балтырга чейин бутуң бата түшкөн жолдун боз топурагына көмкөрөсүнөн көмүлүп, чаң жутуп, жер кучактап жаткандай сезди өзүн.

Мунун баары биздин жигиттин жан дүйнөсүн козгоп, көңүлүнүн түпкүрүндө элдир-селдир гана туюлуп, эмне экенин өзү так ажырата албай жүргөн сезимдерин ойготуп салган поэманын таасири сыяктанды. Болбосо мынчалык күйгүлтүккө түшкүдөй Руссону окуган кыз ким эле ага? Эки ирет жолунан жолукту, болгону ошо. Башкалардай аны киного чакырбады, театрга жүр дебеди, эртеликеч жандай басып, сырдашпады. Анткендин ордуна кайра байкуш кыздын шагын сындырды.

Ошондон кийин кызды жигит көбүнчө китепканадан көрүп жүрдү. Чоң залдын күн батыш ыптасында терезени каратып коюлган үч-төрт үстөл бар. Биринчи үстөл биздин жигит "энчилеп" алган чоң залдагы бешинчи катардан көрүнүп турат. Кыз такай ошол үстөлгө келип отурат. Анын бир адаты бар эле: биздин жигит тарапты жалт-жалт карай берчү. Эмнеге антти экен? Эми мунун мааниси жок эле.

Жигит өзүн акынга салыштырды. Ал кыйналып, көңүлдө кайнап, чычаладай кызарып чыккан ырларды жазып, акыры аларын бир дептерге көчүрүп, кыздын курбусунан берип жибергенге жараган экен. Биздин жигит анте да албады. Жадесе ушу Руссону окуган кызга ышкым жанып калды окшойт деп жан адамга, атүгүл жакын досу Сарпбекке деле айткан жок. Тек гана кыздын караанын көрсө, ошого ичинен көңүлү тоюп, акынды тууран, кызга арнап ыр жаза коюп жүрдү.

Биздин жигит менен Руссону окуган кыздын бар болгон тарыхы ушул эле. Болгону жигит кызды кыялында өзү кыйкымсыз кылып жасап алган баягы кыялый кызга окшотуп, ошого алмаштырып алып, буга абдан көнүп калган шекилденет, эми аны ала качып кетти деп укканда кыялында куруп алган ошол отон дүйнөсү кыйрап кеткендей көрүнүп, ушуга ичи күйүп жатат окшойт. Мунун баары эртең эле бир көргөн түштөй унутулуп, таңдагы буурул мунарыктай тарап кетет болуу керек.

***(Уландысы кийинки санда)***

№13
(287)

30
01
2023

kyrgyztili@mail.ru





*Бул санда Кутмырза ЖАКЫБАЛИЕВ мырзанын "Закым ээрчиген чыйыр" китебиндеги котормолорго орун бердик.*

# *“Адам болуп төрөлгөнүң – керемет, ...Адам бойдон калуу кыйын чынында”*

*Кээде турмуш шамал болуп буулугат,*
*Бирок өмүр көңүлүңдү туу кылат.*
*Өтүп кетер жеген кезиң кара нан,*
*Кара ниеттер коркунучту туудурат!..*

***

*Экөө турду терезеде буу болгон,*
*Бири көрдү ылай, жамгыр, чагылган.*
*Экинчиси жалбырактан суу болгон,*
*Жазды көрдү көпкөк асман жамылган!..*

***

*Көзгө урунган сымал алгач жалтырак,*
*Ылгабастан кол ийинге артылат.*
*Тандасак да достун баарын өзүбүз,*
*Мыктыларын мезгил ирген калтырат!*

***

*Гүлдүн жытын сезбегендер күпүлдөйт,*
*Айрымдары чөптөн бал таап түшүмдөйт.*
*Кээси эстейт тамчы сууңду кылымга,*
*Жан берсең да, кээ түркөйлөр түшүнбөйт!..*

***

*Жан дүйнөсү жарды болсо канчалык,*
*Ошончолук мурдун өйдө көтөрөт.*
*Акыл-эси жетпегенге даңк алып,*
*Мурду менен “жетем” деген өтө көп!..*

***

*Жан дүйнөңдү жабат “бийик” бош бутаң,*
*Сапырылып тоскон өңдүү отту чаң.*
*Чектен ашкан чиренүүңдү көргөндө,*
*Көңүл айныйт, чыкпайт бирок окшусаң!..*

***

*Адегенде сени билбейт, байкабайт,*
*Андан кийин шылдың кылып, чампалайт.*
*Билек түрүп, анан чындап күрөшөт,*
*Сенин күчүң анын баарын талкалайт!..*

***

*Эч кимибиз азап чекпей ачкадан,*
*Ашыкча да ток болбойлу башкадан.*
*Ачууланат тамак таппай кай бири,*
*Чоң тойгону салам элге капсалаң!..*

***

*Башкалардан өзүн бийик сезишкен,*
*Куу чирендер жакпайт, жеген капталын.*
*Бир сом берип, айтам эгер кезиксем,*
*“Наркыңды алып, кайтарып бер ашканын!”*

***

*Сурайт ажал аң-таң болуп өмүрдөн:*
*-Неге мынча сени сүйөт адамзат?..*
*-Анткени мен жарашыктуу өрүлгөн,*
*Жалганмын да, бардыгына жагам бат...*
*А сен болсо коркунучтуу чындыксың,*
*О дүйнөдөн ташып турган “салам кат”...*

***

*“Өрдөк жокто чулдук бийлейт” дегендей,*
*Айрымдар бар өзүн сезген Эгемдей.*
*Чөөлөр билбей “жайладык” деп ойлошот,*
*Карышкырдын койгондугун теңелбей...*

***

*Ызгаар менен үйлөп, суутуп шаабайды,*
*Кимдир бирөө түшүргөндө маанайды.*
*Айрымдардын кутумдугу төөгө жүк,*
*Таба кылып, (о)шондон издейт таалайды.*
*Чын дилинен кол сунган бар дем берип,*
*Кутумду эмес, ошолорду баалайлы!..*

***

*Эгер жумшак, сылык болсом сизге мен,*
*Издебеңиз “алсыз” деген тизмеден.*
*Эң башында бардыгына ийилем,*
*Андан кийин карайм сиздин жүз менен!..*

***

*Төрт аяктап жүргөн кезин, деги өзүн,*
*Бийиктеген сайын көптөр унутат.*
*Анык жүзүн так ошондо көрөсүң,*
*Андайларга бийлик берсең курутат!..*

***

*Эске алышпай чындык чыгар кез барын,*
*Өзгөрүшөт капарга албай эч жагын.*
*Кыйналышат таппай жүзүн чыныгы,*
*Алмашкандар өтө тез-тез бет кабын...*

***

*Мааниси жок көк тиреген үйүңдүн,*
*Зоокалардай заңкайганы болбосо.*
*Ачылбастыр жаркып көзү күнүңдүн,*
*Бакыт, ырыс, кут ичине толбосо!..*

***

*Карап туруп иттин көзүн телмирген,*
*“Адамбы?” – деп, басып кете албайсың.*
*Айрым көркоо “адамдар” бар эл билген,*
*Көзүн тиктеп, “ит” экенин аңдайсың!..*

***

*Жамгыр жааса тандоо сенде, балкыгын,*
*Кубана алсаң көңүлүңө туу конот.*
*Тазалыгын сезе албастар тамчынын,*
*Басып жүрүп баштан-аяк суу болот!*

***

*Баары тегиз турган өңдүү бутуңда,*
*Кеч билесиң, бирок чындык ушунда.*
*Бирин бири жоготушат адамдар,*
*Текебердик өкүм сүргөн учурда!..*

***

*Үй-бүлө бул - падышалык атанын,*
*Энелердин эбегейсиз дүйнөсү.*
*Бирин бири толуктаса катарын,*
*Бала-бейиш бул экөөнүн үндөшү!..*

***

*Адам болуп төрөлгөнүң - керемет,*
*Аз жашоодо баары бирден эленет.*
*Адам бойдон калуу кыйын чынында,*
*Ташка сүрөт тарткан өңдүү чегелеп!..*

*Ачыш үчүн үй-бүлөнүн эшигин,*
*Кабыл алса жетет сүйүү чечимин.*
*Бирок аны сактайм десең түбөлүк,*
*Болсун сенде ЧЫДАМ менен КЕЧИРИМ!..*

***

*Төбөлдүккө жетүү оңой ылайдан,*
*Бирок ар бир башчы буга чыга алган,*
*Унутпасын, бийлик турбайт түбөлүк.*
*Ылай гана калары бул – чын арман!..*

***

*Тилин табуу кыйын чындап баланын,*
*Сени көрүп таштайт ар бир кадамын.*
*Миң кайталап үйрөтүүнүн ордуна,*
*Өзүңдү оңдоп, тарбияла карагым!..*

***

*Өттү, кетти кайрылбастыр бала чак,*
*Бирок маани башкада экен карасак.*
*Кеп ошондо: Биз балдарга бактылуу*
*балалыкты тартуулоого жарасак!..*

***

*Мындай абал ойду мээден талашат,*
*Өзүбүздү күнөөлөөгө жарасак.*
*Анда чындап өкүнөбүз баш мыкчып,*
*Дал ушуну «абийир» десек жарашат!..*

***

*Кээде турмуш шамал болуп буулугат,*
*Бирок өмүр көңүлүңдү туу кылат.*
*Өтүп кетер жеген кезиң кара нан,*
*Кара ниеттер коркунучту туудурат!..*

***

*Биз жөнүндө оюу бузук пенделер,*
*Демек, бизден төмөн, оңой текшерүү.*
*Мыктыларга даремет аз тең келер,*
*Убактысы жетпейт бизге, чектелүү!..*
*Максат кырга жетпечүдөй көрүнсө,*
*Өзгөртөм деп ойлобоңуз сиз такыр.*
*Акыл мыкты кеңеш менен өрүлсө,*
*Жолун гана алмаштырып ишке ашыр!..*



**Кыргыз тили**
*Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын газетасы*

**Башкы редактор:** Дүйшөн КЕРИМОВ

Телефон: 0(700) 88 81 41

КР Юстиция министрлигинде катоодон өткөн. №1381
Жарыяланган автордук материалдар редакциянын көз карашын билдирбейт

**ДАРЕГИБИЗ:**
720040, Бишкек шаары, Бөкөнбаев көчөсү, 182
**Гезиттин эсеп-кысабы:** ОАО Дос-Кредобанк фил."Берекет"
БИК 121008 р/с 1212000300007078
ОК ПО 24637707
ИНН 00104200810048

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Ибраимов көчөсү, 24

**Буюртма:**76
**Нускасы:**3716